«Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдарынын топтому

Бешинчи бөлүк

Кожошев А., Тюлюндиева Н.

# Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси

Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген практикалык окуу китеби

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

Department for International Development

UKaid from the British people

Бишкек
2015-ж.

УДК 351/354
ББК 67.99(2)1
К 58
ӨСИ башкаруу төрайымы Н.Добрецованын жалпы редакциясы алдында
Рецензент – Раханов Н., Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана мониторинг жүргүзүү башкармалыгынын жетекчиси.
Кожошев А., Тюлюндиева Н.
К 58– **Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси**: Практикалык окуу китеби: “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу” окуу материалдарынын топтому. Бешинчи бөлүк. – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2015. – 62 б.
Кыргыз тилине которгон Зейнеп Алтымышова.

ISBN 978-9967-11-535-4

Бул окуу китеби жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугун ишке ашырууга умтулган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттардын жигердүү өкүлдөрүнө арналган **“Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу”** окуу материалдар топтомунун бешинчи бөлүгү болуп эсептелет. 2015-жылы топтом Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген беш практикалык жана методикалык окуу китептеринен турат жана алар төмөнкү маселелерге арналган: 1) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын эсепке алуу; 2) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо; 3) коомдук иш-чаралар (чогулуштар, жыйындар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары; 4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине жергиликтүү жамааттын пландуу мониторинг жүргүзүп, үзгүлтүксүз баа берип туруусу; ***5) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси.*** Топтом кийинки жылдары жаңы окуу практикалык материалдар менен толукталып калышы ыктымал.

*Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо методикасы бюджет айкындуулугунун эл аралык стандарттарына негизделген. Индекс өз ара байланыштагы үч багыт боюнча бюджет айкындуулугунун комплекстүү көрсөткүчү катары эсептелет: бюджеттик документтердин курамы, толуктугу жана ачыктыгы; калк үчүн бюджеттик маалыматтын жеткиликтүүлүгү (маалыматты жарандар арасында жайылтуунун ыкмалары жана бул иштердин эффективдүүлүгү) жана жарандардын бюджеттик процесске катышуусу. Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси бир жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын ишин баалоо, экинчи жагынан жарандарды мониторинг жана баалоо процессине тартуунун аспабы катары колдонулат. Индексти төмөнкүлөр колдоно алат: бюджеттик системаны децентралдаштыруунун жүрүшүндө айкындуулукту арттыруу жана коомчулуктун ишенимин жогорулатуу үчүн өкмөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары; финансылык айкындуулукту жана отчеттуулукту өнүктүрүү үчүн эл аралык финансы институттары; коомдук көзөмөл жана коомдун катышуусун активдештирүү үчүн жергиликтүү жамааттар жана жарандык коом институттары; жарандарды агартуу, аларды башкарууга катышуу технологияларына окутуу үчүн массалык маалымат каражаттары. Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин колдонуу мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан эч кандай чыгашаларды талап кылбайт. Анын үстүнө өкмөт тарабынан атайын аракеттерди жана координацияны да талап кылбайт.*

**Бул басылма Швейцария өкмөтү менен Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун финансылык колдоосу менен чыкты. Басылмадагы ой-пикирлер, тыянактар, корутундулар жана сунуштамалар авторлордун позициясына жана тажрыйбасына таянат, бирок сөзсүз эле Швейцария өкмөтүнүн, Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлигинин көз карашын чагылдыра бербейт.**

К 1203020200-16 УДК 351/354
ISBN 978-9967-11-535-4 ББК 67.99(2)1

© Кожошев А., Тюлюндиева Н.
© Өнүктүрүү саясат институту, 2015

Бардык укуктар корголгон. Бул окуу китебин, же анын кайсы бир бөлүгүн ар кандай формада жана түрдүү электрондук же механикалык каражаттар менен, анын ичинде фотокөчүрүү, үн жаздыруу, сактап калчу түзүлүштөр жана маалымат издөө системасы аркылуу жайылткан учурда анын укук ээсине электрондук дарек боюнча кайрылууңузду өтүнөбүз: NDobretsova@dpi.kg, Office@dpi.kg

# Мазмуну

**Ыраазычылык** 4
**Кыскартуулардын тизмеси** 4
**Маанилүү аныктамалар** 5
**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусунун негиздери**
Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу: принцип жана эл аралык укук 7
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – башкаруу системасынын демократияга негизделген жана калкка эң жакын бөлүгү 7
Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуу укугу 8
Эмне үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана коомго жергиликтүү бюджеттердин ачыктыгы жана отчеттуулугу керек? 9
**Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси (БАМИ)** 11
БАМИни ким колдоно алат? 11
БАМИнин жыйынтыктарын ким колдонот? 11
БАМИни колдонуу үчүн колдонмо 12
**БАМИни эсептөөнүн методикасы** 13
Документтерди байкоонун жана изилдөөнүн усулдары 13
БАМИнин формуласы 13
Баалоо критерийлеринин өзгөчөлүктөрү 15
Баалоонун “оор” критерийлери 16
**БАМИни Кыргыз Республикасында колдонуу практикасы** 18
**Тиркемелер** 20
1-тиркеме. БАМИнин көрсөткүчтөрү. 1-бөлүк. Берилген маалыматтын курамы жана ачыктыгы 20
2-тиркеме. БАМИнин көрсөткүчтөрү. 2-бөлүк. Бюджеттик маалыматтын калк үчүн жеткиликтүүлүгү 22
3-тиркеме. БАМИнин көрсөткүчтөрү. 3-бөлүк. Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу 23
4-тиркеме. Бюджеттик документтерге баа берүүнүн жылнаамасы 24
5-тиркеме. Эң жогорку баллды кантип алса болот? Кыскача нускама 28
6-тиркеме. Бюджеттик процесстин айкындуулугу, отчеттуулугу жана коомдун катышуусу тууралуу Дар-Эс-Салам Декларациясы 31
7-тиркеме. БМжБ тобун жана демилгелүү топторду түзүү процесси жана иш форматы 34
8-тиркеме. Терминдердин сөздүгү 35
9-тиркеме. 2015-2027-жылдарга жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн долбоору (сунушталган формасы) 38
10-тиркеме. 2015-2027-жылдарга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоору (сунушталган формасы) 40
11-тиркеме. 2015-2027-жылдарга жергиликтүү бюджеттин долбоору/планы (“Активдер жана милдеттенмелер” бөлүгү), миң сом менен, (сунушталган формасы) 42
12-тиркеме. 2012-2015-ж.ж. социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр (сунушталган формасы) 44
13-тиркеме. Жергиликтүү бюджеттин долбооруна түшүндүрмө кат (сунушталган формасы) 46
14-тиркеме. 2015-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгашалары15 (сунушталган формасы) 47
15-тиркеме. 2015-жылга жергиликтүү бюджеттин кирешелери (сунушталган формасы) 48
16-тиркеме. 2014-жылдагы жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча отчет (сунушталган формасы) 50
17-тиркеме. 2014-жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин кирешелер боюнча отчету (сунушталган формасы) 52
18-тиркеме. Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү 55
19-тиркеме. 2014-жылы өнүгүү үчүн ресурстар боюнча отчеттун болжолдуу формасы 60
20-тиркеме. Сатып алуулардын планы (сунушталган формасы) 60
21-тиркеме. Бюджет боюнча инфографиканын мисалы 61

# Ыраазычылык

***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) жана ушул окуу китебинин авторлору темаларды иштеп чыгууга, усулдардын практикалык апробациясына кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бюджеттер аралык мамилелерди пландоо башкармалыгынын консультанты Зоотбек КЫДЫРАЛИЕВге; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борборунун директору Жылдыз НУРМАТОВАга, Ысык-Көл облусунун Арал айылдык аймагынын айылдык кеңешинин төрайымы Гүлжамал ЖАНЫБАЕВАга; Жалал-Абад облусунун Бешик-Жон айылдык аймагынын башчысынын орун басары Жумалы БУРКАНОВго; ӨСИнин кызматкерлери жана эксперттери Асылбек ЧЕКИРОВго, Сабина ГРАДВАЛЬга, Танат ОСМОНКУЛОВго, Азамат МАМЫТОВго, ошондой эле ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун аймактардагы консультанттарына, 2014-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында өз муниципалитеттеринде интенсивдүү жана чыгармачылык менен бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоого катышып келген Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын айылдык аймактарынын биргелешкен мониторинг жана баалоо топторуна, жергиликтүү жамааттарына терең ыраазычылыгын билдирет.***

# Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| **АА –** | айылдык аймак – Кыргыз Республикасынын негизги административдик-аймактык бирдиги |
| **АК –** | айылдык кеңеш – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы |
| **АӨ –** | айыл өкмөтү – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы. |
| **БАМИ –** | бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси. |
| **БКС –** | бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү. |
| **БМжБ –** | биргелешкен мониторинг жана баалоо. |
| **БМжБТ –** | биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу. |
| **ЖБ –** | жергиликтүү бюджет. |
| **Жер.К –** | жергиликтүү кеңеш. |
| **ЖКУ –** | жарандык коом уюмдары (жог. караңыз). |
| **ЖМА –** | жергиликтүү мамлекеттик администрация. |
| **ЖӨБ –** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу. |
| **ЖӨБО –** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары. |
| **ЖӨБЭММА –** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик. |
| **ЖТ –** | БАМИни баалоо боюнча жумушчу топ. |
| **КР –** | Кыргыз Республикасы. |
| **КР ФМ –** | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги. |
| **КУ –** | коомдук угуулар. |
| **КЭУ –** | коммерциялык эмес уюм (төм. караңыз). |
| **МжБ –** | мониторинг жана баалоо. |
| **ӨСИ –** | Өнүктүрүү саясат институту. |
| **СЭӨП –** | социалдык-экономикалык өнүгүү программасы. |
| **ЭҮЖӨБОЖ Долбоору –** | Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту 2011-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору. |

# Колдонмонун маанилүү аныктамалары жана терминдери

**Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү (БКС) –** жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы калкка жеткиликтүү жана түшүнүктүү тилде даярдаган бюджеттик маалымат.

**Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо – ЖМБА –** бул маалыматты биргелешип чогултуу, аны талдоо жана андан ары калктын түрдүү топторунун пикирлерин, кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эсепке алуу менен ишти пландоо процесси. ЖМБА – бул дайыма өркүндөп турган усулдардын жана ыкмалардын тобу, алар адамдарга өз турмуштук тажрыйбасына, жашоо шарттарына талдоо жүргүзүп, топтолгон тажрыйба жана билимдерди алмашып турууга көмөктөшөт. ЖМБАнын жардамы менен элет жана шаар калкы өзүнүн артыкчылыктарын аныктап алып, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алалышат.

**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели (ЖЖӨБК модели) –** бул иш–чаралардын комплекси, ал жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон конституциялык укугун ишке ашырууга жол берет.

**Жарандык катышуу –** жарандык коомдун маанилүү принциби, ал өзүнө башкарылгандарды башкарууга кошууну же тартууну (саясий, социалдык-экономикалык, маданий программаларды жана долбоорлорду талкуулоого жана иштеп чыгууга), чечим кабыл алууга таасир тийгизүүнү жана анын аткарылышын көзөмөлдөөнү, жергиликтүү жамааттын алкагында өз алдынча башкарууну камтыйт. Бул коомдун да, мамлекеттин да мындан кийинки өнүгүүсүнө тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда жарандык коом менен бийлик органдарынын ортосундагы социалдык өз ара аракеттин үзгүлтүксүз көп деңгээлдүү процесси. Бул процесс бийлик органдары менен жарандык коомдун ортосунда эки багытта тең жүзөгө ашырылат. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: катышуучулардын кабыл алуусуна, аларды маалымдоого көмөктөшкөн чаралар; пикирлерди чогултуу жана ыктымал альтернативалардын ичинен өзгөчө алгылыктуу вариантын тандоо ж.б. Бул чечим кабыл алуу процессине жарандарды тартуу боюнча социалдык-саясий процесс, анын эффективдүүлүгү түздөн-түз өз ара аракеттин деңгээлин, формасын жана мүнөзүн туура тандап алуудан көз каранды[1]. Жарандык катышуу жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулукту сактоо менен жүзөгө ашат.

**Жергиликтүү бюджет –** айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырат.

**Жергиликтүү жамаат –** административдик–аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркы-уу жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жарандарынын тобу.

**Жергиликтүү жамааттын мүчөсү –** бул тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жараны.

**Жергиликтүү жамааттын уставы –** жергиликтүү кеңештин ченемдик укуктук акты менен бекитилген жана тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигине байланышкан маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын өз ара жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы мамилелеринин тартибин жөнгө салган акт. Жалпак тил менен айтканда, бул – жергиликтүү “Конституция”, анда жамаат муниципалитеттин турмушун уюштуруудагы көптөгөн маселелерди өз алдынча чечип, жамаат мүчөлөрү сактай турган эрежелерди орнотот. Кыргыз Республикасында Типтүү устав кабыл алынган,

[1] Комаров О.Е. Төмөнкү сайтта жеткиликтүү: http://regionacadem.org/index.php?option=com_content&view=article&id=146&lang=pl

анын базасында жергиликтүү жамааттар өзүнүн уникалдуу уставдарын иштеп чыгат жана кабыл алат. Коомдук иш–чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө байланышкан көптөгөн маселелер дал ушул жергиликтүү жамааттын уставы менен регламенттештирилгени маанилүү.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу –** жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары –** жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу органдар.

**Жергиликтүү маанидеги маселелер** – тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигин камсыздоо маселелери, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан, ошондой эле жарандардын эркин түз билдирүү жолу менен чечилет.

**Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы (БАП) –** бул жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосунда диалог куруунун жана жергиликтүү өнүгүүнү биргелешип пландоонун алгачкы аспабы. Ал көйгөйлөрдү классификациялоого жана стратегиялык багыттарды аныктоого жардам берет.

**ЖМБА сессиялары –** бул “Картирлөө”, “Венн диаграммасы”, “Токоч”, “Көйгөйлөр галереясы” усулдарынын жардамы менен баштапкы маалыматты чогултуу үчүн топтордун жолугушуулары.

**ЖМБА-фокус-топтору –** бул себеп-натыйжалык байланыштарды аныктоо үчүн топтордун жолугушуулары.

**Жыйындар –** калктын алар боюнча жергиликтүү жамааттын уставына ылайык сунуштамаларды же чечимдерди кабыл алуу менен, бир көчөнүн, бир кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган тургундардын чогулушунда аларды талкуулоо жолу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусунун тикелей формасы. Бул жерде: жыйындарда ЖМБА–иш–чараларынын жыйынтыктарын макулдашуу, Биргелешкен аракеттер планына толуктоолорду жана сунуштарды чогултуу ишке ашат.

**Коомдук угуулар –** ЖӨБ органдарынын маанилүү чечимдеринин формалдаштырылган коомдук талкуусу, бул жерде болсо жарандарга жергиликтүү бюджеттин долбоору же жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу маалымат берүү; жарандардын керектөөлөрүн эсепке алуу жана жергиликтүү бюджетке сунуштарды чогултуу үчүн керек.

**Муниципалдык менчик –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерди алуу булагы катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш–милдеттерин жүзөгө ашыруууүчүн зарыл болгон жергиликтүү жамааттардын менчиги.

**Муниципалитет –** административдик–аймактык биримдиктин территориясын; ошол аймакта жашаган калкты; ошондой эле аталган аймактагы турмуш тиричилигине байланышкан маселелерди калктын кызыкчылыгында чечкен башкаруу органын камтыган үчилтик.

**Пландоо жолугушуулары –** бул биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу, бардык кызыкдар жактардын, анын ичинде адистер менен эксперттердин пикирлерин эсепке алуу, тараптардын салымдарын аныктоо үчүн жамааттын жигердүү бөлүгү менен жолугушуулар.

**Туруктуу жашаган жери –** бул жарандын Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган жери. Каттоо эсепке алуу органы тек жайды ырастаган документке каттоо белгисин коёт.

**Шаар, айылдык аймак (АА) –** административдик-аймактык бирдик, анын чегинде жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырат. Шаар, айылдык аймак бир же андан ашык калктуу конуштардан турушу мүмкүн.

# Эмне үчүн жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышыш керек?

## Принцип жана эл аралык укук[1]

Коомчулуктун катышуусу адамдын оюн билдирүүгө жана эркин чогулууга болгон негизги укуктарынан улам келип чыгат жана бул чечим кимге тиешелүү болсо, ошолор аны кабыл алууга алып барган процесске катышууга укугу бар деп белгилейт. Бул принциптин үч негизги түзүүчүсү бар: түздөн-түз катышуу, мында адекваттуу механизмдер жана жол-жоболор талап кылынат; жарандар муктаж болгон же таасир эткиси келген мамлекеттик жана муниципалдык саясат, пландар жана демилгелер тууралуу кабардар болуп туруу үчүн маалыматка жеткиликтүүлүк; эки башка түзүүчүнү адекваттуу ишке ашыруунун кепилдиги катары сот адилеттигине жетүү. Коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу – бул эл аралык укуктун нормасы, бирок ал эми гана практикада кеңири колдонула баштады. Катышуу принциби негизги адам укуктарына барып такалат, ал эми анын негиздерин адам укуктары боюнча айрым жалпы документтерден тапса болот: Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пакт, Биологиялык көп түрдүүлүк боюнча конвенция, Климаттын өзгөрүүсү тууралуу конвенция[2], Чөлгө каршы күрөш боюнча конвенция[3], БУУнун Өнүгүүгө укук тууралуу декларациясы[4], Маалыматка жеткиликтүүлүк, коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери боюнча сот адилеттигине жеткиликтүүлүк тууралуу БУУ ЕЭК Декларациясы же Орхусс конвенциясы[5].

Коомчулуктун катышуу механизмдеринин кеңири түрлөрү бар, бирок алардын жалпы принциптери, критерийлери жана негизги эрежелери да бар. Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессинде жарандардын эффективдүү катышуусун камсыздоо үчүн мына ошолорду сактоо зарыл:

- **эффективдүүлүк жана мыйзам үстөмдүгү** жарандар башкаруу жана чечимдер (пландалган жана аткарылган) тууралуу маалыматты оңой алалат, ошондой эле соттук коргоого ээ болуунун, же бийлик өкүлдөрүнүн маалымат бербөө чечимин жокко чыгаруунун чыныгы мүмкүнчүлүгүнө ээ дегенди билдирет;
- **инклюзивдүүлүк же тартылгандык** чечим кабыл алуу процессине ошол жамааттын бардык тиешелүү топтору кошулганын, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдеринде бардык топтордун керектөөлөрүн эсепке алууга умтуларын билдирет;
- **ийкемдүүлүк** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу үчүн аспаптардын жана усулдардын кеңири түрүн колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонун билдирет;
- **көз карандысыздык** жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусуна көмөктөшүү үчүн түзүлгөн уюмдар көз карандысыз деген статуска ээ болгонун билдирет;
- **айкындуулук** жарандар чечим кабыл алуу процессине катышууга болгон укугун ишке ашыруу үчүн эрежелерди, механизмдерди жана институттарды билет дегенди билдирет.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – демократияга негизделген жана башкаруу системасынын калкка эң жакын бөлүгү

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул башкаруу системасынын адамга эң жакын бөлүгү гана болбостон, ошону менен бирге табияты боюнча да башкаруу системасынын эң демократиялуу бөлүгү болуп эсептелет. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү – бул ар бир өлкөнүн башкаруунун

[1] Бул бөлүм 2015-жылдын 13-14-март күндөрү Бишкекте өткөн “Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана эффективдүү өз ара аракети: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним” аттуу эл аралык конференцияда Р. Леприннин “Коомчулуктун катышуусу жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүүнүн фактору катары: эл аралык тажрыйбага сереп” докладынын негизинде жазылды.
[2] 4 (1)-берене жана 6 (а) (iii)-берене, БУУнун Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө алкактык конвенциясы, http://unfccc.int/essential_background/convention/items/6036.php
[3] БУУнун чөлгө каршы күрөш боюнча конвенциясы, http://www.unccd.int/en/about-the-convention/Pages/Text-overview.aspx
[4] http://www.un.org/documents/ga/res/41/a41r128.htm
[5] Маалыматка жеткиликтүүлүк, коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери боюнча сот адилеттигине жеткиликтүүлүк тууралуу БУУ ЕЭК Декларациясы (www.unece.org/env/pp/treatytext.html): 6-8-беренелер жарандык катышууга арналган.

демократиялык формага өтүү процессиндеги ажыратылгыс бөлүгү. Бул – ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти ажыратуунун зарыл жана шексиз элементи. Ал бийликтин коом алдындагы отчеттуулугун, жергиликтүү бийликтин борбордон көз карандысыз саясат жүргүзүүсүн камсыздап, жарандардын борборлоштурулган башкаруу учурундагыга салыштырмалуу кабыл алынган чечимдерге жакшыраак таасирин тийгизүүсүн кепилдейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги төмөнкүдөй маселелер карайт:

- тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу;
- муниципалдык менчикти башкаруу;
- жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
- калкты ичүүчү суу менен жабдуу;
- калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
- калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
- көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;
- турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;
- муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;
- жергиликтүү маанидеги маданий жана тарыхый жетишкендиктерди сактоо;
- жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;
- жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;
- тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу;
- коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;
- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;
- дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;
- жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, бул болсо Кыргыз Республикасынын жер казынасын пайдалануу жөнүндө мыйзамдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына өткөрүлүп берилген.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырылат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;
- мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;
- жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу эрктерин билдириши;
- жамааттардын укуктарын жана мыйзамда корголгон кызыкчылыктарын коргоо;
- коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы.

## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуу укугу

Бюджеттик процесстин айкындуулугу, отчеттуулугу жана ага коомчулуктун катышуусу тууралуу Дар-Эс-Салам Декларациясы[1] “бюджеттик процесстер бардык жарандарга алардын мамлекеттин финансысы тууралуу маалымат алууга укуктарын, ошондой эле чечим кабыл алуу процессине катышуу жана мамлекеттик каражатты түзүүгө, бөлүштүрүүгө жана аларды башкарууга байланышкан бардык чечимдерге таасирин тийгизүү укуктарын ишке ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берүү менен, инклюзивдүү болуш керектигин” белгилейт. Ошондой эле декларация бардык өлкөлөрдүн өкмөттөрүн “жарандарды жана башка кызыкдар тараптарды, бюджеттин артыкчылыктарын анын ичинде жарым-жартылай мамлекеттик фонддор жана салыктык эмес төлөмдөрдүн эсебинен түзүлгөн фонддор үчүн мүмкүн болушунча эрте баскычтарында жана мүмкүн болушунча көбүрөөк коомчулукту тартуу менен аныктоого,... бери дегенде

[1] http://www.makebudgetspublic.org/the-dar-es-salaam-declaration-on-budget-transparency-accountability-and-participation

сегиз өзөктүк бюджеттик документти –бюджетке чейинки арыздарды, аткаруучу бийлик тарабынан сунушталган бюджеттин долбоорун, бекитилген бюджетти, жарандык бюджетти, бюджеттин аткарылышы тууралуу учурдагы отчетторду, жарым жылдагы отчетту, жылдык отчетту, андан тышкары аудитордук отчетту – өз убагында жарыялоого жана коом алдында талкуулоого чакырат.

**Жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу айкындуулук, коомчулуктун катышуусу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында жоопкерчиликтүүлүк принциптерин сактоо менен жүзөгө ашат.**

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө, ошондой эле бюджеттен иш жүзүндө чыгымдалган каражаттар жөнүндө маалымат алууга укуктуу болгону айтылат (52-берене, 3-глава, 3-п)

“Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык жана шаардык кеңештер республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди ачык жана коом алдында карайт жана бекитет.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – ФЭН жөнүндө Мыйзам) 13-беренесине ылайык, “жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерин кароо жана бекитүү кеңештин ачык сессияларында жана коомдук угууларда айкындык жана элдин катышуусу менен жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү кеңештердин токтому жана кеңештердин тиешелүү жылга карата бюджеттер тууралуу чечимдери массалык маалымат каражаттарында жарыяланууга тийиш”.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – ЖӨБ жөнүндө мыйзам) 3-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги принциптеринин бири болуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы, коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы эсептелет.

**Жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүк жана бюджеттик процесске катышуу укугун ишке ашыруу маселеси бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы үчүн өзгөчө актуалдуу болуп турат. Себеби кыска мөөнөттүү планда бюджеттин айкындуулугун камсыздоо коррупция менен күрөштүн, ал эми узак мөөнөттүү мезгилде демократияны түптөөнүн жана туруктуу өнүгүүнүн негизги шарты болуп эсептелет.**

“Коррупцияга каршы туруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 3-беренесине ылайык, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коом алдындагы ачыктыгы коррупцияга каршы туруунун принциптеринин бири болуп эсептелет.

Борбордук деңгээлде бюджет айкындуулугун баалоо 2006-жылдан баштап Эл аралык бюджеттик өнөктөштүктүн бюджеттин ачыктыгын изилдөөнүн алкагында жүргүзүлүп келет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мындай иш маал-маалы менен гана, башаламан жана системага салынбастан жүргүзүлүп келген. Ал эми анын жыйынтыгы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоого таасирин тийгизген эмес. Ошол эле маалда жергиликтүү өз алдынча башкарууну децентралдаштыруу жана өнүктүрүү чөйрөсүндөгү реформалар боюнча Кыргызстан кошуна өлкөлөрдөн озуп баратат.

Бул басылмада ЖӨБ органдарынын бюджеттик айкындуулугун баалоого жол ачкан жана анын өсүшүнө көмөктөшкөн аспап – Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси кеңири сүрөттөлөт. Индекс айкындуулуктун деңгээлин өлчөп, мониторинг гана жүргүзбөстөн, ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бюджет айкындуулугун күчтөндүрүү үчүн кайсы багытта иш алып баруу керектигин көрсөтөт.

## Эмне үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана коомго жергиликтүү бюджеттердин ачыктыгы жана отчеттуулугу керек?

Бюджеттин жана бюджеттик процесстин айкындуулугун жогорулатууга мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтин өкүлдөрү да, эл аралык финансы институттары да, калк да кызыгышы мүмкүн. Калк дегенде негизинен коммерциялык эмес уюмдарга бириккен жана бюджеттик процессте калктын белгилүү

бир топторунун кызыкчылыктарын көздөгөн жигердүү бөлүгү тууралуу сөз болууда. Субъекттердин максаттары ар түрдүү багыттарда (социалдык туруктуулук, шайлоо процесси, инвестициялык жагымдуулукту арттыруу, насыялардын негиздүүлүгү, коррупцияны азайтуу, бюджеттик каражаттардын сарпталышына көзөмөл, бюджеттик ресурстарды алуу ж.б.) болушу мүмкүн, бирок жалпысынан жергиликтүү деңгээлде бюджет айкындуулугунун өсүшү көптөгөн тапшырмаларды ишке ашырууга көмөктөшөт. Ошону менен бирге жарандардын бюджеттик процесске катышуу укугуна карата индекс төмөнкүлөргө жол ачат:

- жергиликтүү жамааттын ар бир мүчөсүнө бюджеттин жана андагы сандардын тилин түшүнүүгө, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн негизин түзгөн салыктар кайсы максаттарга жана канчалык эффективдүү сарпталып жатканын көрүүгө жардам берет;
- коомдук талкуу үчүн шарттарды түзүп, жарандардын бюджет тууралуу маалыматка укугун ишке ашырууга жана бюджет боюнча соңку чечимдерди кабыл алууда алардын көз карашын эсепке алууга жардам берет (артыкчылыктары, ресурстарды бөлүштүрүү ж.б.);
- жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына коомдук көзөмөл жүргүзүү үчүн өбөлгө түзөт;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жарандардын өз ара аракетин институционалдаштырууга көмөктөшүп, маалымат менен алмашууну жакшыртат;
- кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү жакшыртып, алардын сапатын жогорулатат.
- Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексинин методикасын колдонуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөрдө жардам берет:
- бюджеттик документтердин форматын тартипке келтирүүгө;
- тартиптүүлүктү жогорулатып, айкындуулукка карата мыйзамдардагы талаптарды сактоого;
- жергиликтүү бюджетти иштеп чыгуу жана аткаруу үчүн аткаруучу бийликтин (айыл өкмөтүнүн, мэриянын) жоопкерчилигин жогорулатат. Анткени жергиликтүү кеңештин депутаттарында жана коомчулукта бюджет боюнча кабыл алынган чечимдердин сапатын жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү көбөйөт;
- муниципалдык финансыны башкаруу эффективдүүлүгүн жогорулатууга;
- өз алдынча башкаруунун оң имиджин түзүүгө, бул болсо аймактын инвестициялык жагымдуулугун арттырып, экономикага инвестициялардын өсүшүнө көмөктөшөт;
- калктын жана жарандык коом институттарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишенимин көбөйтөт, бул болсо коомдук ынтымакка өбөлгө түзөт;
- коррупциялык бүтүмдөр жана макулдашуулар үчүн мүмкүнчүлүктөрдү азайтат.

Бюджет айкындуулугунун жана бюджеттик процесс индексинин маңызы бюджеттик маалыматтын жөнөкөйлүгүнө жана ачыктыгына мониторинг жүргүзүүдө гана эмес. Индекс ошондой эле жарандардын бюджеттик процесске катышуу деңгээлин да чагылдырат.



**Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси жарандык коомдун өнүгүүсүнө жана калктын укуктук, финансылык сабаттуулугунун деңгээлин жогорулатууга көмөктөшөт.**

Демократияны өнүктүрүүнүн аспабы болуу менен, индекс жамааттын жетилгендигине, тагыраак айтканда калктын жана жарандык коом институттарынын бюджеттик процесстин айкындуулугуна коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашырууга жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын коргоо менен, бюджеттик саясат маселелери боюнча чечим кабыл алууга катышуу даярдыгына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

Эксперттердин баамында, бюджеттик индекс менен коомдун демократияга негизделгенинин ортосунда түз көз карандуулук болбосо да, өз ара байланыш бар. Бирок жарандар мамлекет бюджеттик каражатты, биринчи кезекте салыкты кайда жана кантип сарптап жатканы тууралуу маалыматты ачык, оңой жана даана формада алалса, анда жарандар өз жашоосун жакшыртуу үчүн бул мүмкүнчүлүктү колдонуп кетет (бир заматта болбосо да). Мисалы, жарандар жергиликтүү жамаат көчөлөрдү тазалоого канча каражат сарптап жатканын билсе, көчөлөр тазараак болот.

# Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси (БАМИ)

## БАМИни ким колдоно алат?

Бир жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын ишин өркүндөтүүнү, экинчи жагынан жарандарды мониторинг жана баалоо процессине тартууну максат кылган Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси конкреттүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси менен колдонулса болот. Мында индексти сөзсүз эле бүтүндөй өлкөнүн масштабында жайылтуу зарыл эмес.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө катышууга, ошондой эле иш жүзүндө сарпталып жаткан бюджеттик каражаттар тууралуу маалымат алууга болгон конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн жергиликтүү кеңештер кызыкдар жарандардан топ түзө алышат. Бул топ Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо менен алектене алат. Ошондой эле жарандар индексти баалоо үчүн топторго өз алдынча бириге алышат (жергиликтүү кеңештин колдоосуз эле).

## БАМИнин жыйынтыктарын ким пайдаланат?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджет айкындуулугун баалоонун жыйынтыктарына кызыкдар субъекттердин негизги типтерин төмөнкүдөй бөлүп караса болот:

1) улуттук өкмөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (максаты – бюджеттик системаны децентралдаштыруунун жүрүшүндө айкындуулукту, анын ичинде коомчулуктун ишенимин арттыруу);

2) эл аралык финансы институттары (максаты – финансылык айкындуулук жана отчеттуулук);

3) жергиликтүү жамааттар жана жарандык коом институттары (максаты – коомдук көзөмөл жана коомдук катышууну активдештирүү);

4) массалык маалымат каражаттары (максаты – жарандарды агартуу, аларды башкарууга катышуу технологияларына окутуу).

Улуттук өкмөттөр баалоонун жыйынтыктарынын негизинде биринчи кезекте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик процесс айкындуулугун укуктук жактан камсыздоо жаатында жүйөлүү чечимдерди кабыл алат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик документтери боюнча отчетторду иретке келтирүү жана бир түрдүүлүккө жетүү боюнча чаралар, ошондой эле маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу чөйрөсүндө алардын квалификациясынын өсүшү боюнча аракеттер максаттуу мүнөзгө жана так багытка ээ болот. Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоонун негизинде Эсеп палатасы бул багытта ишти системага салып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин отчеттуулугуна жана айкындуулугуна аудит жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик процесс жана бюджет (бюджеттик саясаттын максаттары, бюджеттик чыгашалардын багыттары, социалдык программалар, бюджеттен каржылоо ж.б.) тууралуу калкты дагы да жакшы маалымдоо жана жарандарды жергиликтүү бюджетти башкарууга тартуу менен инвестицияларды тартуу, коомдун ишенимин арттыруу жана жарандардын бийликтин колдоосун күчөтүү үчүн жагымдуу чөйрө түзүшөт.

Эл аралык уюмдар БАМИни баалоонун жыйынтыктарын гранттык каражаттарды бөлүштүрүүдө, бенефициарларды тандап алууда ж.б. колдоно алат. Жергиликтүү жамааттар үчүн баалоонун жыйынтыктары конкреттүү багыттарды жана бийликтин аткаруучу жана өкүлчүлүктүү бутактарына таасир этүү чөйрөсүн көрсөтүп берет. Бюджеттик процесске чындап катышкан коммерциялык эмес уюмдар мониторинг үчүн маалыматтык негизге ээ болушат. Көз карандысыз эксперттер жана коомчулук үчүн өзгөчө бюджетти жана максаттуу программаларды түзүү бөлүгүндө жеткиликтүү жана толук бюджеттик маалымат кепилденет. Анализдин жыйынтыгы боюнча бюджеттик процесстин айкындуулугунда жана жергиликтүү деңгээлдеги коомдук катышууда болуп жаткан өзгөрүүлөр, оң тенденциялар болуп-болбогону ж.б. тууралуу тыянак чыгарса болот. Бюджеттик процесстин айкындуулугуна жана коомдун катышуусуна байланыштуу көйгөйлөр боюнча ММКдагы кызыктуу макалалар коомчулуктун көңүлүн буруп, муну менен тигил же бул ММКнын аброюн арттырат.

**Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин колдонуу мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тараптан чыгашаларды, анын үстүнө өкмөт тараптан атайын бир аракеттерди жана координацияны талап кылбаганы маанилүү.**

# БАМИни колдонуу үчүн кадам-кадамы менен колдонмо

## 1-кадам. Демилгелүү топту түзүү

Жарандардын демилгелүү тобу[1] (жергиликтүү кеңештин катышуусуз эле жашоочулар тарабынан өз алдынча түзүлгөн учурда) айыл өкмөтүнө (мэрияга) жана жергиликтүү кеңешке жазуу түрүндө кайрылат, бюджет айкындуулугун баалоо ниети болгону тууралуу ЖӨБ органдарына кабар берет.

Жергиликтүү кеңеш (эгерде биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун жергиликтүү кеңеш түзсө, же жергиликтүү кеңеш жарандардын демилгесин колдоп берсе) Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо ниети болгону тууралуу айыл өкмөтүнө (мэрияга) жазуу түрүндө кабар берет.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын иш жүзүндө сарпталып жаткан бюджеттик каражаттар тууралуу маалымат алуу жана алардын жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө катышуу укугун ишке ашыруу үчүн айыл өкмөтүнүн (мэриянын) колдоосуна ээ болгондон кийин топ ишин баштайт.

## 2-кадам. Ишти пландоо

Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо боюнча ишти план түзүп, топ ичинде милдеттерди бөлүштүрүүдөн башташ керек. Планды иштеп чыгуу үчүн 4-тиркемени колдонуу сунушталат. Иштин убактылуу графигин тактоо үчүн айыл өкмөтүнөн кеп-кеңеш алууга болот.

Топ ичинде милдеттер төмөнкүчө бөлүштүрүлсө болот:

- координатор,
- иш жүргүзүүчү,
- бюджеттик документтер боюнча эксперт (финансист, экономист),
- укуктук маселелер боюнча эксперт (юрист),
- коомчулук менен иштөө боюнча эксперт,
- тренер.

4-тиркеме жергиликтүү бюджеттерди түзүүнүн жана аткаруунун календардык планына негизделген. Бюджеттик календарда биринчи документ болуп жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча жылдык отчет эсептелет. Мыйзам боюнча, ал Финансы министрлигине 1-марттан кеч эмес мөөнөттө берилиш керек. Мындан улам жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча коомдук угууларды февралда өткөрүү зарыл. Топтун мүчөлөрү коомдук угууларга катышат жана жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча жылдык отчет боюнча түзүлгөн бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн даярдоо мөөнөттөрүнө баа беришет.

Бюджет боюнча жылдык отчетту мартта баалоо керек (Финансы министрлигине бергенден кийин ЖӨБ органдарында жылдык отчетту инфографиканын элементтери менен толуктап, аны түшүнүктүү кылуу мүмкүнчүлүгү болот).

Кабыл алынган бюджет республикалык бюджет тууралуу мыйзам кабыл алынгандан кийин эки айдын ичинде кабыл алынат. Анткен менен ал үчүн бюджеттик календарда так бир күн болбойт (мыйзамга ылайык, республикалык бюджет финансы жылы башталганга чейин биринчи айдан кечиктирилбей кабыл алыныш керек. Ал эми жергиликтүү бюджеттер январда бекитилет). Иш жүзүндө республикалык бюджетти кабыл алуу мөөнөттөрү жагдайга жараша өзгөрүп турат жана адатта ошол жылдын январь-апрель айларына жылдырылат. Ошондуктан кабыл алынган бюджетти баалоо мөөнөттөрү болжолдуу болуп эсептелет (1-квартал) жана конкреттүү жылы жумушчу топ тарабынан аныкталат.

Жергиликтүү бюджеттин долбоору Финансы министрлигине 1-июлга чейин (бюджеттик кирешелер боюнча) жана 1-августка чейин (бюджеттик чыгашалар боюнча) берилет. Ошондуктан ЖБ долбоору боюнча коомдук угууларды июнда өткөрүү сунушталат. Бул мезгилде жумушчу топ коомдук угууларга катышып, даярдык мөөнөттөрүн жана ЖБ долбоору боюнча түзүлгөн бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн баалайт.

Кийинки жылга бюджеттин алдын ала долбоорун сентябрда баалоо сунушталат (Финансы министрлигине бергенден кийин ЖӨБ органдарында жылдык отчетту инфографиканын элементтери менен толуктап, аны түшүнүктүү кылуу мүмкүнчүлүгү болот).

Баалоо календарындагы калган мөөнөттөрдүн баарын жумушчу топтун мүчөлөрү өз алдынча, конкреттүү шарттарга жана ресурстарга жараша аныктай берсе болот.

## 3-кадам. Окутуу

Топтун мүчөлөрүн, жергиликтүү кеңештин (мэриянын), айыл өкмөтүнүн өкүлдөрүн окутуу үчүн тренингдерди өткөрүү зарыл. Окуу материалдарды ушул китептин базасында анын структураларын колдонуу менен даярдаса болот. Тренингди жумушчу топтун мүчөлөрү эл аралык уюмдардын, КЭУнун, жогорку окуу жайлардын профессордук-окутуучулук курамынын ж.б. колдоосу менен өткөрө алышат.

[1] Демилгелүү топторду түзүү процесси жана иш форматы жергиликтүү жамааттын Типтүү уставында жана ушул Окуу материалдар топтомунун экинчи бөлүгүндө жана бул басылманын 7-тиркемесинде кеңири сүрөттөлгөн.

### 4-кадам. Маалымат алуу графиги

Түзүлгөн планга ылайык, топ айыл өкмөтүнөн (мэриядан) маалымат алуунун графигин иштеп чыгат, аны айыл өкмөтү (мэрия) менен макулдашат жана өз ара аракетти жакшыртуу үчүн айыл өкмөтүнө (мэрияга) берет.

### 5-кадам. БАМИни баалоо

Топ баалоого киришет:

- жерине барып, байкоо жүргүзөт;
- документтерге (бюджет долбооруна, бекитилген бюджетке, бюджет боюнча отчетко ж.б. бюджет боюнча боюнча китепчеге, жарыяларга, каттоо журналдарына, протоколдорго);
- тиешелүү иш-чараларга катышат (коомдук угуулар – февраль, июнь; социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы тууралуу отчет, жыйындар ж.б.);
- маалымат алмашуу жана пайда болгон маселелерди талкуулоо үчүн биргелешкен отурумдарды өткөрөт;
- баалоонун жүрүшүндө пайда болгон көйгөйлөр, ошондой эле аткарылган иштердин жыйынтыгы тууралуу айыл өкмөтүнө (мэрияга), жергиликтүү кеңешке өз убагында маалымат берет.

### 6-кадам. Баалоонун орто-аралык жыйынтыктары тууралуу маалымдоо

Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыктары боюнча, баалоонун орто-аралык жыйынтыктарын талкуулап бүтүп, баалоо боюнча маалыматты, анын ичинде коомдук колдоого ээ болуп, ыктыярчыларды ишке тартуу үчүн маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө мыйзамдын негизги жоболорун калк арасында жайылтуунун ыкмалары тууралуу чечим кабыл алат (жыйындарга, чогулуштарга, кеңешмелерге ж.б. катышуу).

Жыл ичинде топ ММК өкүлдөрү менен кызматташып, Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо боюнча маалыматты жайылтат.

### 7-кадам. Баалоонун соңку жыйынтыктары тууралуу маалымдоо

Жыл соңунда топ иштин жыйынтыктары тууралуу отчет даярдайт жана аны жергиликтүү кеңештин сессиясында тартуулайт. Андан кийин бюджет боюнча коомдук угууларда (жыйындарда) калкка маалымат берет.

### 8-кадам. Жыйынтыктарды колдонуу

Жыл соңунда топ жергиликтүү кеңешке жана айыл өкмөтүнө (мэрияга) бюджет айкындуулугун жакшыртуу боюнча жазуу түрүндө сунуштарды киргизет.

## БАМИни эсептөө методикасы

### Байкоо жана документтерди үйрөнүү усулдары

Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо усулдары өзүнө байкоону (керегелерде, сайтта маалыматтардын, документтердин жайгаштырылганын көзөмөлдөө); документтерде жана маалыматтарда инфографиканын же өткөн жылдар үчүн маалыматтын, башка маалыматтардын болуп-болбогонун текшерүүнү камтыйт.

### БАМИ формуласы

ЖӨБ органдарынын Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин эсептөө методикасынын (мындан ары – методика) негизин төмөнкүдөй принциптер түзөт:

- жыйынтыкталган индексти баалоо өзүнчө параметрлер боюнча бюджет айкындуулугунун комплекстүү көрсөткүчүн эсептөө катары жүзөгө ашырылат. Бул параметрлер алардын белгиленген критерийлерге шайкештигине (шайкештик даражасы) жараша алынат;
- индексти иштеп чыгууда өз ара байланыштагы үч багыт боюнча баалоо критерийлери эсепке алынды:
    - *бюджеттик документтердин жана маалыматтардын курамы, толуктугу жана ачыктыгы;*
    - *калк үчүн бюджет тууралуу маалыматтын жеткиликтүүлүгү (маалыматты жарандар арасында жайылтуунун жолдору жана бул иштердин эффективдүүлүгү);*
    - *жарандардын бюджеттик процесске катышуусу.*

Баалоонун үч багытынын ар биринин көрсөткүчтөрү өзүнчө 1-3-тиркемелерге топтоштурулду.

Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси төмөнкү формула менен эсептелет:




$I = I_1 \times I_2 + I_3$, бул жерде

$I$ – бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси;

$I_1$ – бюджеттик документтердин жана маалыматтардын курамынын, толуктугунун жана ачыктыгынын индекси;

$I_2$ – калк үчүн бюджет тууралуу маалыматтын жеткиликтүүлүгүнүн индекси;

$I_3$ – жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун индекси.



**$I_1$ критерий бюджеттик документтердин жана маалыматтардын болуп-болбогонун, алардын маалымат берүүнүн белгилүү бир структурасына жана формасына шайкештигин баалайт. Баа берилген көрсөткүчтөрдүн саны онго барабар.**

Бюджеттик маалыматтардын жана документтердин курамына бекитилген бюджеттен, бюджеттин аткарылышы боюнча отчеттон жана бюджеттин долбоорунан тышкары Эсеп палатасынын аудитордук актысы, мамлекеттик сатып алуулар боюнча маалымат, өнүгүү үчүн ресурстар жана бюджетке тикелей тиешелүү болбогон башка документтер жана маалыматтар камтылат.

***Эсеп палатасынын аудитордук актысы –*** бул жергиликтүү бюджетке жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсеп палатасы түзгөн документ. Ал өзүнө ЖӨБ органдары бюджеттик процесстин жүрүшүндө кетирген мыйзам бузуулар тууралуу маалыматты камтыйт. Практикада, эрежеге ылайык, коомчулукта гана эмес, жергиликтүү кеңештин депутаттарында да бул документ менен таанышып чыгуу мүмкүнчүлүгү жок.

***Мамлекеттик сатып алуулар боюнча маалымат,*** анын ичинде мамлекеттик сатып алуулардын планы өтө чоң антикоррупциялык мааниге ээ. Мамлекеттик сатып алуулардын планы жыл башында түзүлөт жана жыл бою коомчулукка жеткиликтүү болууга тийиш.

***Өнүгүү үчүн ресурстар –*** бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өнүгүүгө багыттаган каражаттар (капиталдык салымдар, инвестициялар, капиталдык ремонтко, эмерек, кеңсе жабдууларын жана аспаптарды сатып алууга кеткен чыгымдар ж.б.). Коррупцияны болтурбоо максатында ушундай ресурстар боюнча маалыматтын ачыктыгы маанилүү болгондуктан улам көрсөткүч методикага киргизилген. Ошону менен бирге көрсөткүч өнүгүүгө бюджеттен жумшалган ресурстарды да, башка булактардан келген ресурстарды да камтыйт:

- эл аралык финансы-насыя уюмдарынын, долбоорлордун, башка донорлордун гранттары;

- республикалык бюджеттен түшүүлөр (мисалы, дем берүүчү гранттар[1], өнүгүү фондунун эсебинен каржыланган гранттар, ж.б.);
- өнүгүү максатында калк тарабынан чогултулган каражаттар;
- жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттар.

Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын айкындуулугу ЖӨБ органдарынын жамаат алдындагы жоопкерчилигинин өсүшүнө жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө финансы ресурстарын топтоону камсыздоого көмөктөшөт.

Бул топтун көрсөткүчтөрү боюнча баа берүүнүн эки баскычтуу усулу колдонулат. Баалоонун биринчи кадамы – базалык баа берүү. Ошону менен бирге 3 балл (канааттандырарлык) жарандардын маалыматты кабыл алуусун "жеңилдеткен" графиктер, схемалар жана диаграммалар (инфографика) колдонулган учурда гана берилет. Инфографиканын элементтери болбогон учурда 1 балл берилет.

**Инфографика – бул маалыматтарды жана билимди берүүнүн графикалык ыкмасы. Ал татаал маалыматты жеткиликтүү жана так жеткирүү максатын көздөйт. Биздин учурда инфографика дегенде бюджет тууралуу сандык маалыматтарды графиканын негизинде чагылдырууну түшүнүш керек. Башкача айтканда документте диаграмма, же гистограмма болсо, ал инфографиканын элементтерин камтыйт дегенди билдирет. Ремонттон кийин имарат кандай өзгөргөнүн көрсөткөн сүрөттөр да инфографика катары эсептелет.**

Экинчи кадам – кошумча эки баллды берүү (белгиленген критерийлердин ар бири үчүн бирден балл). Кошумча баллдар, эрежеге ылайык, жарандар үчүн маалыматты толук ачып берүү үчүн бюджеттик көрсөткүчтөрдү динамикада берүүгө, документке жөнөтмө (кошумча) маалыматты, материалды же форманы кошууга дем берет.

Натыйжада он көрсөткүчтүн ар бири боюнча нөлдөн беш баллга чейин коюп чыкса болот. ЖӨБ органдары документти же маалыматты берүүдөн баш тарткан учурда 0 балл берилет. Документти, же маалыматты берүүдөн баш тартуунун жүйөлүү себептери болгон учурда (мисалы, өнүгүү үчүн ресурстар боюнча маалымат, эгерде айылдык аймакта же шаарда мындай ресурстар болбосо) – 5 балл.

$I_1$ көрсөткүчүн эсептөө үчүн бардык көрсөткүчтөр боюнча баллдар кошулуш керек. Ошентип I1 көрсөткүчү бардык критерийлерге шайкеш келгенде 50 баллга барабар болот (эң жогорку көрсөткүч).

Бюджеттик маалыматтын жеткиликтүүлүгүн (баалоонун экинчи багыты) камсыздоонун алкагында иш-чаралардын жана жол-жоболордун маанисин эсепке алуу менен, $I_2$ көрсөткүчү коэффициент (көбөйтүүчү) ролун ойнойт. Ал бюджеттик маалыматтын курамын, толуктугун жана ачыктыгын баалоодо колдонулат жана муну менен анын жарандар үчүн жеткиликтүүлүгү эсепке алынат. $I_2$ көрсөткүчү 100гө бөлүнгөн (коэффициентти алуу үчүн) 11 критерий боюнча баллдардын суммасы катары аныкталат. $I_2$ көрсөткүчү нөлдөн бирге чейинки диапозондо өзгөрүшү мүмкүн.

**I2 көрсөткүчү эгерде нөлгө барабар болсо, анда I1 көрсөткүчүн жокко чыгарып салат. Эгерде ЖӨБдо бардык бюджеттик документтер болуп, жакшы сапатта, түшүнүктүү жана ачык болуп, бирок жарандар үчүн жеткиликтүү болбосо, анда бюджеттин айкындуулугу тууралуу сөз да жок!**

Калктын бюджеттик процесске катышуусунун индекси болгон I3 жарандардын бюджеттик процесске тартылуусун чагылдырган 5 көрсөткүчтү эсепке алат. I3 көрсөткүчүнүн максималдык чоңдугу 50 баллга барабар.

Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексинин максималдык чоңдугу 100 баллга барабар.

## Баалоо критерийлеринин өзгөчөлүктөрү

ЖӨБОнун отчеттуулугун баалоо үчүн методикага айылдык аймактын (шаардын) социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына тиешелүү критерийлер киргизилген. Бул көрсөткүчтөрдү кошуу менен бюджеттик процесстин айкындуулугун мунун кеңири маанисинде баалоого болот. Анткени бюджет параметрлеринин өнүгүү максаттарына шайкештиги актуалдуу маселе.

Ушул методикадагы критерийлерди тандоодо:

а) алардын саны жана мазмуну гана эмес, ошону менен бирге тигил же бул критерийге берилген

[1] Дем берүүчү гранттар – республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке капиталдык чыгашаларды жүзөгө ашыруу үчүн берилген каражаттар; кошо каржылоо шарты менен берилет.

баллдардын чоңдугу да (“салмагы”) принципиалдуу болуп эсептелет. Ошентип тигил же бул маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыздоонун мааниси жана максаттуулугу эсепке алынат, бюджет айкындуулугу чөйрөсүндөгү алдыңкы практика колдоого алынат ж.б.

б) индексти баалоо бюджет айкындуулугунун деңгээлин мүнөздөйт жана белгилүү бир даражада анын өсүшүнө көмөктөшөт.

Маалыматты баалоо процессинде объективдүү бааны гана бербестен, ошону менен бирге анын бар болгонун жана сапатын тастыктаган тиешелүү документтерди жана шилтемелерди берүү да керек. 1-тиркемедеги ар бир критерий боюнча верификациялоо катары бирден кем эмес тастыктоочу документ болуш керек. 1.8-критерий (“Бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу маалымат”) боюнча документтердин саны бюджетке киргизилген өзгөртүүлөрдүн санына шайкеш келүүгө тийиш.

Эгерде критерий жылына бир жолудан көп бааланса, анда балл берүү үчүн ар бир баалоодо оң жооп талап кылынат. Ошону менен бирге ыктымал балл экиге (эгерде жарым жылда бир жолу баа берилсе), же төрткө (эгерде кварталына бир жолу баа берилсе) бөлүнөт. Мисалы 3.1-критерий (“Жергиликтүү жамааты бюджеттик чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечүүгө тартуу үчүн туруктуу негизде коомдук угууларды колдонуу”) боюнча баллдар жылына эки жолу этап-этабы менен берилет (бир жылда эки жолу өткөрүлгөн коомдук бюджеттик угуулардын жыйынтыгы боюнча).

Башка бир мисал – калктан түшкөн каттарды, даттанууларды жана суроо-талаптарды иштеп чыгуу системасынын иштешинин эффективдүүлүгүнө тийиштүү 3.3-критерийдин аткарылышы 10 баллга бааланат. Ошону менен бирге баа берүү жылына 2 жолу жүзөгө ашырылыш керек. Мындан улам ар бир жолу 5 баллдан берүүгө болот.

Өзүнчө көрсөткүчтөр боюнча баалоонун мезгилдүүлүгүн аныктоо мүмкүн эмес. Мисалы, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу маалыматтын толуктугун жана ачыктыгын баалоодо (1.8-критерий) баалоонун саны конкреттүү кырдаалга жараша өзгөрүп турушу мүмкүн. Эгерде бюджетке өзгөртүүлөр жыл ичинде бир жолу киргизилсе, анда критерий бир жолу бааланат. Эгерде эки жолу киргизилсе, анда баалоо эки жолу жасалат. Эгерде жергиликтүү бюджет жыл бою өзгөрбөсө, анда критерий аткарылды деп эсептелет, б.а., 5 балл берилет.

## Баалоонун “оор” критерийлери

Өзүнчө критерийлер бүгүнкү практиканы чагылдырбайт жана бир караганда мүмкүн эместей сезилет (интернет портал же сайт болуш керек, бюджет боюнча китепче даярдалыш керек ж.б.). Бюджет айкындуулугунун жоболорун жана шарттарын “илгерилетүү” жана аларды практикада колдонууга көмөктөшүү БАМИни баалоонун максаттарынын бири болгондуктан мына ушундай талаптар киргизилген.

Бардык эле ЖӨБ органдары баштапкы этапта маалыматты талап кылынган форматта берүүгө жөндөмдүү боло бербейт. Анткени бул кандайдыр бир аракеттерди талап кылган иш. Бирок, ошону менен бирге, жергиликтүү бюджеттин айкындуулугун жогорулатуу боюнча иштерди өзүнчө иш-чараларды өткөрүүдөн баштаса болот. Муну менен бара-бара бюджет айкындуулугунун дагы да татаал талаптарына жакындоого мүмкүн.

Мисалы, кызыкдар колдонуучулардын кеңири чөйрөсү үчүн бюджеттик маалыматтардын айкындуулук принциби өзүнүн интернет порталы же сайты аркылуу ишке ашырылыш керек. Бирок заманбап этапта методикага өз сайтын ачуу тууралуу катаал талаптар кошулган эмес. Бул максатта жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, ЖӨБЭММАнын же КР ЖӨБ Союзунун сайттарын колдонсо болот. Бюджет боюнча инфографикасы менен китепченин ордуна да маалымат баракчасын колдонсо болот ж.б.

Бюджеттик документтерди берүүнүн форматы сунуштама мүнөзгө ээ. Эгерде өнүгүүгө ресурстар донорлордон, эл аралык уюмдардан ж.б. алынса, анда алар боюнча бюджет долбоордун алкагында бекитилген бюджеттин (грант үчүн жазылган бюджеттик өтүнмө) формасына ылайык басып чыгарылыш керек.

Эгерде өнүгүүгө ресурстар жергиликтүү бюджеттен пландалып, каржыланса, анда ЖӨБ органдары аларды өлкөдө колдонулган бюджеттик классификацияга ылайык “Активдер жана милдеттенмелер” бөлүгүндө пландаш керек. Ошондой эле отчет колдонуудагы бюджеттик классификациянын негизинде түзүлүш керек. Өнүгүүгө ресурстар боюнча жыйынтыкталган отчеттун сунушталган формасы 19-тиркемеде берилген.

Жыл ичинде бюджет айкындуулугун баалоо ишин жергиликтүү кеңешке караштуу топторго бириккен кызыкдар жарандар жасай алат.

БАМИни баалоо үзгүлтүксүз жүргүзүлүш керек: кварталына 1 жолудан кем эмес. Календарды колдонуу менен (4-тиркеме) баллдар этап-этабы менен берилет; жана жыл соңунда жыйынтыктоочу балл эсептелет. Максималдуу балл – 100 балл. Минималдуу балл (бюджеттик маалымат ачылбай калган учурда, же жергиликтүү жамаат менен байланыш болбой калса) – 0 балл.

Алынган баллдардын суммасына жараша ЖӨБ органынын бюджеттик айкындуулук деңгээлин төмөнкүчө мүнөздөсө болот:

| Баллдар | Бюджет айкындуулугун баалоо |
|---|---|
| 0-20 баллов | Бюджет айкындуулугу канааттандырарлык эмес деңгээлде камсыздалган. Маалымат такыр эле берилбейт же өтө аз берилет. Жарандар бюджеттик процесске тартылган эмес. |
| 21-40 балл | Бюджет айкындуулугу канааттандырарлык деңгээлде камсыздалган. Өтө аз маалымат берилет, жарандар бюджеттик процесске тартылган эмес. |
| 41-60 балл | Бюджет айкындуулугу орточо деңгээлде камсыздалган. Маалымат толук эмес көлөмдө берилет, жарандар бюджеттик процесске тартылган, бирок туруктуу негизде эмес. |
| 61-80 балл | Бюджет айкындуулугу бир кыйла жакшы деңгээлде камсыздалган. Берилген маалыматтын көлөмү жетиштүү, жарандар бюджеттик процесске дайыма тартылып турат. |
| 81-100 балл | Бюджет айкындуулугу жогорку деңгээлде камсыздалган, берилген маалыматтар толук, жарандар бюджеттик процесске жигердүү катышат. |

Бюджеттик документтердин жана маалыматтардын форматы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2012-жылдын 30-мартындагы №62 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классифкациясынын жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген.

Бюджеттик документтерди жана маалыматтарды берүүнүн сунушталган формасын төмөнкү тиркемелерден таба аласыз:

- бюджеттин долбоору (алдын ала, такталган) (9, 10, 11-тиркемелер)[1];
- социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр (12-тиркеме);
- бюджет долбооруна түшүндүрмө кат (13-тиркеме);
- бекитилген бюджет (14, 15-тиркемелер);
- бюджеттин аткарылышы боюнча жылдык отчет (16-17-тиркемелер);
- бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү (18-тиркеме);
- өнүгүү үчүн ресурстар (19-тиркеме);
- бюджеттин сатып алуулар планы (20-тиркеме).

Бюджеттик документтердин жана маалыматтардын курамына (1-тиркеме) жарандык бюджет да киргизилген эмес. Ал өлкөлөр деңгээлинде баалоого кошуу үчүн бюджеттик айкындуулуктун стандарттары менен сунушталган. Мунун ордуна методикада жарандык бюджеттин элементтери болуп эсептелген графикаларды, схемаларды жана диаграммаларды колдонууну жактаган критерий киргизилген. Инфографиканын мисалдарын 18-тиркемеден жана 20-тиркемеден таба аласыз.

[1] 11-тиркеме жергиликтүү бюджетте капиталдык чыгашалар, инвестициялар болгон учурда толтурулат.

# Кыргыз Республикасында БАМИни колдонуу практикасы

2014-жылдын ичинде Өнүктүрүү саясат институтунун пилоттук долбоорлорунда бюджет айкындуулугун жергиликтүү кеңештерге караштуу биргелешкен мониторинг жана баалоо топторуна (БМжБ) бириккен жарандар баалаган. БМжБ топторунун курамына жергиликтүү кеңештердин, ЖӨБдүн аткаруучу кеңештеринин өкүлдөрү жана жарандар (анын ичинде КЭУ) кирген. БМжБ топтору жыл соңунда аткарган иштери тууралуу жергиликтүү кеңештерге отчет беришкен. Жергиликтүү кеңештер баалоонун жыйынтыктарын карап чыгып, айыл өкмөтүнүн (мэриянын) бюджет айкындуулугу чөйрөсүндөгү ишин жакшыртуу үчүн бул маселе боюнча чечим кабыл алышкан.

БАМИни эсептөө боюнча өзгөчө ийгиликтүү демилге Бостери айылдык аймагында ишке ашкан. Бул аймакта БМжБ тобунун мүчөлөрү, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, кеңештин депутаттары бюджет айкындуулугун баалоо методикасы боюнча окуудан өтүшкөн. Тренинг уюштурулуп, ага 24 киши катышкан. Алардын ичинен 14ү аялдар болгон. Элеттиктер жаңы билимди өзгөчө жигер менен кабыл алып, бюджет ачыктыгын жергиликтүү деңгээлде камсыздоо идеясы аларда чоң кызыгууну жараткан. “Баалоону коомчулукту бюджеттик процесске тартуунун аспабы катары киргизүү зарыл. Анын үстүнө ал олуттуу чыгымды талап кылбайт”, - деди БМжБ тобунун лидери К. ИСМАИЛОВ.

Тренингдин жардамы менен БМжБ тобу иш планын түзө алды. Ар бир айдын соңунда буга чейин түзүлгөн форма боюнча Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалай баштады. Анда эмне бааланары, кантип жана качан бааланары, ошондой эле тигил же бул кырдаалда кандай баллдар коюлары көрсөтүлгөн. Өзүнүн жаңы милдеттенмелерине – маалымат керегелеринде жана сайтта бюджеттик маалыматтын болуп-болбогонун текшерүүгө – активисттер өтө жоопкерчиликтүү мамиле жасашты. Материалдарды кунт коюп окуп чыгып, аларды жолугушууларда талкуулап турушту. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү кырдаалды жакшы жагына өзгөртө алыш үчүн маалыматтар менен ошол замат бөлүшүп турушту.

Топтун мүчөлөрүнүн айтымында, алгач элеттиктер алардын ишин түшүнүшкөн эмес, суроолорго айрымдар шектенүү менен, башкалары орой жооп беришкен. Бирок БМжБ тобунун кеңейтилген отурумунан кийин адамдардын пикирлери өзгөрө түштү. Ал отурумда мониторингдин жыйынтыктары берилип, алар ой жүгүртүүгө жем таштап, АӨ аппараты үчүн да, муниципалдык мекемелер жана депутаттык корпус үчүн да анализдин предмети болуп калды.



Топтун иши ЖӨБ органдарына пландарга түзөтүүлөрдү киргизип, жергиликтүү бюджетти түзүүдө жердештердин тилектерин жана сунуштарын эсепке алууга, жамаат мүчөлөрү менен маалымат алмашуу боюнча иш планын түзүүгө жардам берди. Көбүрөөк маалымат берүү үчүн Бостери айылдык аймагында атүгүл маалымат бюллетенин да чыгарып жиберишти.

Баары болуп 2014-жылы БАМИ Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы 26 элеттик муниципалитетте эсептелген. Ал эми анын орточо мааниси диаграммада берилди[1].

Диаграммадан жарандардын бюджеттик процесске катышуусу активдүү болгону көрүнүп турат. Бирок бюджеттик маалыматтын толуктугу тууралуу мындай деп айтууга болбойт. Ошону менен бирге документтердин жеткиликтүүлүгү жетишсиз болгонун, жеткиликтүүлүктүн коэффициенти индекстин биринчи бөлүгүн үч эсе азайтып жатканын белгилей кетүү зарыл. Бул болсо ЖӨБ органдары бюджеттик документтерди иштеп чыгууда бюджеттик мыйзамдарды аткарууга аракеттенгенинен, ошондой эле жарандарды бюджеттик процесске тартып жатканынан кабар берет.

[1] 2014-жылы БАМИни баалоо методикасы 5 баллдык системага негизделген. Кийин, КР Финансы министрлигинин сунушу боюнча методика өзгөрүп, баалоо 100 баллдык системага негизделип калган.

# Тиркемелер

## 1-тиркеме. БАМИ көрсөткүчтөрү. 1-бөлүк. Берилген маалыматтардын курамы жана ачыктыгы

| Крите-рий-дин № | Критерийдин сүрөттөлүшү | Балл-дар | Жооптордун варианттары |
|---|---|---|---|
| 1.1 | Бюджеттин алдын ала долбоору | 3<br><br>1 | Инфографиканы колдонуу менен алдыдагы мезгилге бюджеттик кирешелердин жана чыгашалардын долбоору (функционалдык жана экономикалык классификациялардын көз карашынан алганда). [1]<br>Инфографиканы колдонбостон алдыдагы мезгилге бюджеттик кирешелердин жана чыгашалардын долбоору (функционалдык жана экономикалык классификациялардын көз карашынан алганда) |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Өткөн жыл үчүн бюджет боюнча маалымат жана бул жылы кандай аткарылары боюнча маалымат |
| | | 1 | Экономикалык көрсөткүчтөр жана бюджетке түшүндүрмө кат |
| 1.2 | Республикалык бюджетти бекиткенден кийин такталган бюджет долбоору | 3<br><br>1 | Инфографиканы колдонуу менен алдыдагы мезгилге бюджеттик кирешелердин жана чыгашалардын долбоору (функционалдык жана экономикалык классификациялардын көз карашынан алганда)<br>Инфографиканы колдонбостон алдыдагы мезгилге бюджеттик кирешелердин жана чыгашалардын долбоору (функционалдык жана экономикалык классификациялардын көз карашынан алганда) |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Өткөн жыл үчүн бюджет боюнча маалымат жана бул жылы кандай аткарылары боюнча маалымат |
| | | 1 | Экономикалык көрсөткүчтөр жана бюджетке түшүндүрмө кат |
| 1.3 | Такталган бюджет | 3<br><br>1 | Инфографиканы колдонуу менен алдыдагы мезгилге бюджеттик кирешелердин жана чыгашалардын долбоору (функционалдык жана экономикалык классификациялардын көз карашынан алганда).<br>Инфографиканы колдонбостон алдыдагы мезгилге бюджеттик кирешелердин жана чыгашалардын долбоору (функционалдык жана экономикалык классификациялардын көз карашынан алганда) |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Бюджет кирешелеринин кварталдар боюнча көрсөткүчтөрү |
| | | 1 | Бюджет чыгашаларынын кварталдар боюнча көрсөткүчтөрү |
| 1.4 | БКС<br>Жыл ичинде 2 БКС түзүлөт. Июнь-июлда түзүлгөн БКС боюнча гана баалоо жүргүзүлөт | 3 | Документ бюджеттин 1 жылдагы кирешелерин жана чыгашаларын инфографика менен кошо камтыйт |
| | | 1 | Документ бюджеттин 1 жылдагы кирешелерин жана чыгашаларын инфографикасыз камтыйт |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Бюджеттин өткөн, ушул жана кийинки жылдар үчүн кирешелери жана чыгашалары |
| | | 1 | Бюджеттин артыкчылыктарынын сүрөттөлүшү |
| 1.5 | Мамсатып алуулар боюнча маалымат | 3 | Ушул жылга сатып алуулар планы (инфографика менен) |
| | | 1 | Ушул жылга сатып алуулар планы (инфографикасыз) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Өткөн жыл үчүн сатып алуулардын көлөмү |
| | | 1 | Жеңүүчүлөрдүн тизмеси, өткөн жылы алар менен түзүлгөн келишимдердин суммасын көрсөтүү менен |
| 1.6 | Бюджет боюнча жылдык отчет | 3 | Бир жыл ичинде бюджеттин аткарылышы боюнча отчет, инфографиканы колдонуу менен |
| | | 1 | Бир жыл ичинде бюджеттин аткарылышы боюнча отчет, инфографиканы колдонбостон |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Аппарат жана резервдик фонд боюнча чыгашалардын сметасынын аткарылышы боюнча отчет |
| | | 1 | Өткөн жыл үчүн иш жүзүндөгү маалыматтар |
| 1.7 | Эсептөө палатасынын аудитордук актысы | 3 | ЖӨБОнун дарегине өзүнчө топтоштурулган жазма эскертүүлөрдү жана сунуштоолорду тиркөө менен Эсептөө палатасынын акты |
| | | 1 | Сунуштоолорду бөлбөстөн Эсептөө палатасынын актысы |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Эсептөө палатасынын жазма эскертүүлөрүн жана сунуштоолорун четтетүү боюнча ЖӨБОнун планы |
| | | 1 | Эсептөө палатасынын жазма эскертүүлөрүн жана сунуштоолорун четтетүү боюнча отчет (өткөн жыл үчүн) |
| 1.8 | Бюджетке өзгөртүүлөр киргизилгени жөнүндө маалымат | 3 | Жарандар үчүн жеткиликтүү формада бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр көрсөтүлөт (инфографиканы колдонуу менен) |
| | | 1 | Бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу маалымат (инфографиканы колдонбостон) |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Бюджетке өзгөртүүлөрдү кабыл алуунун себептери |
| | | 1 | Ушул жыл үчүн бюджеттин аткарылышы боюнча иш жүзүндөгү маалыматтар |
| 1.9 | Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы, же башка стратегиялык документ | 3 | Жарандар үчүн түшүнүктүү формада (инфографика менен) программанын багыттары (кабыл алынган учурда программага киргизилген өзгөрүүлөр), каржылоо булактары жана күтүлгөн жыйынтыктар көрсөтүлгөн |
| | | 1 | Программанын багыттары (программага киргизилген өзгөрүүлөр), каржылоо булактары жана күтүлгөн жыйынтыктар инфографикасыз көрсөтүлгөн |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Акыркы үч жылда программаны ишке ашыруунун натыйжалары (эгерде программа андан да кыска мөөнөттө ишке ашырылса, анда иш жүзүндөгү мезгил үчүн). Жаңы программа кабыл алынган учурда буга чейинки программаларды ишке ашыруунун натыйжалары көрсөтүлүш керек |
| | | 1 | Программаны каржылоодо пландалган жана иш жүзүндөгү көлөмдөрдү салыштыруу, а.и. негизги иш-чаралар боюнча |
| 1.10 | Өнүгүү үчүн ресурстар (ААда же шаарда бар болсо) | 3 | Жарандар үчүн жеткиликтүү формада (инфографиканы колдонуу менен) пландалган көлөмдөр жана мындай ресурстарды 3 жылга (же башка мезгилге) колдонуунун багыттары көрсөтүлгөн |
| | | 1 | Мындай ресурстарды 3 жылга (башка мезгилге) колдонуунун көлөмдөрү жана багыттары инфографикасыз көрсөтүлгөн |
| | Эгерде документке төмөнкүлөр камтылса, 1 баллдан кошуп туруу керек: | 1 | Ресурстарды бир жылда же иш жүзүндөгү мезгилде колдонуунун жыйынтыктары жарандар үчүн жеткиликтүү формада көрсөтүлгөн (инвестициялык долбоорду ишке ашыруунун натыйжалары). Эгерде долбоор жаңы болсо, буга чейин ишке ашырылган долбоордун натыйжалары көрсөтүлөт. |
| | | 1 | Пландалган көрсөткүчтөр менен иш жүзүндөгү жыйынтыктар ортосундагы айырманын себептери көрсөтүлгөн (сүрөттөгөн бөлүктү жана сандык көрсөткүчтөрдү кошкондо) |
| Маалымат курамынын көрсөткүчү $I_1$ биринчи бөлүктөгү баллдарды кошуу жолу менен эсептелет | | | |

## 2-тиркеме. БАМИнин көрсөткүчтөрү. 2-бөлүк. Бюджеттик маалыматтын калк үчүн жеткиликтүүлүгү

| Критерийдин № | Критерийдин сүрөттөлүшү | Баллдар | Кошумчалар |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Маалыматтык керегенин болушу, анын жардамы менен бюджет айкындуулугунун принциби ишке ашырылат | 10 | |
| 2.2 | Расмий интернет-порталдын (сайттын) болушу | 10 | ЖӨБОнун өз сайты болбосо деле ЖМАга, ЖӨБЭММАга же ЖӨБ Союзуна тиешелүү ошол эле багыттагы маалымат порталынын (сайттын) атайын бөлүгүн (бөлүмүн) алса болот |
| 2.3 | Керегеде (сайтта) ушул тиркеменин 1-бөлүмүнүн критерийлеринде аныкталган документтер (маалыматтар) жайгаштырылган | 30 | Маалыматтык керегеде (порталда) жыл ичинде 1-бөлүктөгү 7ден кем эмес көрсөткүч боюнча жайгаштырылып турганда берилет |
| | | 15 | Маалыматтык керегеде (порталда) жыл ичинде 1-бөлүктөгү төрттөн кем эмес көрсөткүч боюнча жайгаштырылып турганда берилет |
| 2.4 | Бюджеттик угуулардын негизги суроолору боюнча «жооп» материалдар түзүлөт жана керегеде (сайтта) жайгаштырылат | 5 | Үчтөн кем эмес жооп белгилениш керек |
| 2.5 | Бюджет боюнча инфографикасы менен китепче (маалымат кагазы) коомдук жайларда, анын ичинде АӨ имаратында (мэрияда), китепканада, маалыматтык керегелерде ж.б. жерлерде жеткиликтүү | 5 | Экиден кем эмес коомдук жайда же эки айылда болуш керек |
| 2.6 | “Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү” коомдук угуулар өткөнгө чейин 7 күндөн кеч эмес мөөнөттө басып чыгарылат | 10 | Сөз маалыматты керегеге жайгаштыруу же сайтта жарыялоо тууралуу жүрүп жатат. Июнда көзөмөлдөнөт. Ошону менен бирге ылайыгына жараша ар бир жолу 10 балл же 5 балл берилет. БКС кеч таратылган маалда балл берилбейт. |
| | “Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү” коомдук угуулар өткөнгө чейин 3 күндөн кеч эмес мөөнөттө басып чыгарылат | 5 | |
| 2.7 | Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын (же башка стратегиялык документти) аткаруунун жүрүшү тууралуу коом алдында отчет | 5 | Сөз калк алдында жылына бери дегенде 1 жолу отчет берүү тууралуу болуп жатат |
| 2.8 | “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жетүү жөнүндө” КР Мыйзамынын негизги жоболорунун керегеде (сайтта) болушу | 10 | Критерий жарым жылда 1 жолу көзөмөлдөнөт (июнда жана декабрда). Ошону менен бирге ар бир жолу 5 балл берүүгө болот. |
| 2.9 | Жергиликтүү салыктардын коюмдары жана жыйымдары тууралуу маалыматты жарыялоо | 5 | Критерий июнда бир жолу көзөмөлдөнөт |
| 2.10 | Тендерлердин мөөнөтү, өтчү жери жана квалификациялык талаптары тууралуу жарыя керегеде (сайтта) жарыяланат | 5 | Критерий жарым жылда бир жолу (июнда жана декабрда) көзөмөлдөнөт. Эгерде тендер өткөрүү мүмкүнчүлүгү болбосо (каржылык жана башка себептерден улам), анда критерий аткарылды деп эсептелет жана балл берилет. |
| 2.11 | Каржылоонун көлөмү кошо жазылган мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыктары тууралуу маалымат керегелерде (сайтта) жарыяланат | 5 | Критерий жарым жылда 1 жолу (июнда жана декабрда) көзөмөлдөнөт. |
| Маалыматтын жарыяланганынын көрсөткүчү болгон $I_2$ баллдарды кошуу жана коэффициентти алуу үчүн сумманы 100гө бөлүү жолу менен эсептелет | | | |

## 3-тиркеме. БАМИнин көрсөткүчтөрү. 3-бөлүк. Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу

| Критерийдин № | Критерийдин сүрөттөлүшү | Баллдар | Кошумчалар |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Жамаатты маалымдоо жана аны бюджетти талкуулоого тартуу үчүн бюджет боюнча коомдук угууларды туруктуу негизде колдонуу | 10 | Жарым жылда бир жолу көзөмөлдөнөт.<br>Ар бир жолу 5 баллдан берүүгө болот |
| 3.2 | Жергиликтүү бийлик менен жарандардын коомдук угуулардан айырмаланган, бирок талкуулоону жана кайра байланышты караштырган өз ара аракеттеринин башка формалары | 5 | Жарым жылда бир жолу көзөмөлдөнөт. Ар бир жолу 2,5 балл берүүгө болот.<br>Мындай түрдөгү иш-чаранын мисалы болуп үзгүлтүксүз өтүп турган айылдык чогулуштар эсептелет |
| 3.3 | Калктан түшкөн каттарды, даттануулар-ды жана суроо-талаптарды карап чыкчу эффективдүү система, анын ичинде электрондук кабылдама иштейт | 10 | Жарандардын кат түрүндөгү суроо-талаптарына жооптордун мөөнөтүн сактоо болжонот (кайрылуу катталган күндөн тарта 14 күн).<br>Системага мониторинг жылына 2 жолу (ар бир жарым жылдыктын соңунда) жүзөгө ашырылат. Баллдар жарым жылдык боюнча берилет (5 балл).<br>Жарым жылда калктан түшкөн, бирок убагында жооп берилбей калган суроо-талаптын саны алтыдан ашса, балл берилбейт. |
| 3.4 | Артыкчылыктарды тандап алуу жана бюджеттик саясаттын өзгөчө маанилүү маселелерин кароо боюнча коомдук уюмдардын жана кызыкдар жарандардын катышуусу менен туруктуу негизде демилгелүү топтордун болушу жана иш алып баруусу | 10 | Иш-чара өткөнүн тастыктаган факттар (документтер) - жарым жылда бир жолудан кем эмес. Баллдар жарым жыл боюнча берилет |
| 3.5 | Бюджеттик угуулардын жүрүшүндө коомчулуктан түшкөн сунуштарды ЖӨБО жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгууда көңүлгө алат | 15 | Жылына бир жолу сентябрда көзөмөлдөнөт. Коомдук угуулардын жүрүшүндө киргизилген сунуштар жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу ЖӨБОнун отчету болгон шартта гана берилет |
| $I_3$ Жарандардын бюджетти талкуулоого катышуусунун интегралдык көрсөткүчү | | Көрсөткүчтүн максималдуу мааниси – 50 | |

## 4-тиркеме. Бюджеттик документтерге баа берүүнүн жылнаамасы

| Критерий | Айы | Жыйынтык жана индикаторлор | Тастыктаган документтер | Баллдар ыктымал | Баллдар факт |
|---|---|---|---|---|---|
| Маалыматтык керегенин болушу. Анын жардамы менен бюджет айкындуулугунун принциби ишке ашат | январь | БАМИни баалоо боюнча жумушчу топ кегереде болуп-болбогонун текшерет (2.1-критерий) | Сүрөт | Нөлдөн онго чейин | |
| Расмий интернет-порталдын (сайттын) болушу | январь | ЖТ сайтта болуп-болбогонун текшерет (2.2-критерий) | Интернет сайттын басып чыгарылган барагы | Нөлдөн онго чейин | |
| Республикалык бюджетти бекиткенден кийин такталган бюджет долбоору. Адатта ушул жылга ушул жылы түзүлөт (мисалы, 2015-жылдын башында 2015-жылга) | январь-февраль-март-апрель | ЖТ документтердин толук жана ачык болгонун текшерет (1.2-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Коомдук угууларды өткөрүү | февраль | ЖТ эки коомдук угуунун бирөөсүнүн өткөрүлгөн фактысын текшерет жана баллдарды коет (3.1-критерий). | КУ протоколунун көчүрмөсү, а.и., сунуштар жана ал боюнча кабыл алынган чечимдер. Керегедеги сүрөт, же ар бир угуу боюнча сайттан басып чыгарылганы | 0 же 5 | |
| Керегеде же сайтта документтерди жана маалыматтарды жайгаштыруу (2.3-критерий) | 1-квартал | ЖТ керегеде документтердин жана маалыматтардын жайгаштырылышын текшерип, кандай документ жайгаштырылганын белгилеп коет | Сүрөт | Документтер көрсөтүлөт | |
| Бекитилген бюджет | 1-квартал | ЖТ документтин толук жана көрсөтмөлүү болгонун текшерет (1.3-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Бюджет боюнча жылдык отчет | 1-квартал | ЖТ өткөн жылдын бюджети боюнча отчет канчалык толук жана ачык болгонун текшерет (1.6-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Мамлекеттик сатып алуулар боюнча маалымат | 1-квартал | ЖТ документтин толук жана ачык болгонун текшерет (1.5-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Коомдук угууларды өткөрүү | июнь | ЖТ эки коомдук угуунун бирөөсүнүн өткөрүлгөн фактысын текшерет жана баллдарды коет (3.1-критерий). | КУ протоколунун көчүрмөсү, а.и., сунуштар жана ал боюнча кабыл алынган чечимдер. Керегедеги сүрөт, же ар бир угуу боюнча сайттан басып чыгарылганы | 3.1-критерий: 0 же 5 Баары: Нөлдөн онго чейин | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жергиликтүү бийлик менен жарандардын коомдук угуулардан айырмаланган, бирок талкуулоону жана кайра байланышты караштырган өз ара аракеттеринин башка формалары | июнь | ЖТ эки иш-чаранын бирөөсүнүн өткөрүлгөн фактысын текшерет жана баллдарды коет (3.2-критерий). | Иш-чаранын протоколу (көчүрмөсү), а.и., берилген сунуштар жана ал боюнча кабыл алынган чечимдер | 3.2-критерий: жарым жылда бир жолу 0 же 2,5 | |
| Жергиликтүү бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү | июнь | ЖТ документтин толук жана ачык болгонун текшерет (1.4-критерий)<br>КУ өтчү күн тууралуу маалыматка ээ болуу менен ЖТ БСКны даярдоо жана жарыялоо мөөнөттөрүн көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болот (2.6-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү<br>Ар бир угуу боюнча жарыялоо мөөнөттөрү тууралуу жазуу түрүндөгү ырастамалар | 1.4-критерий: нөлдөн бешке чейин<br><br>2.6-критерий: 0; 5 же 10. | |
| Тендер өтчү убактысы, жери жана анын квалификациялык талаптары тууралуу жарыя керегеде (сайтта) жарыяланат | июнь | ЖТ 2.10-критерийге шайкештигин текшерет | Керегедеги сүрөт, сайттан басып чыгаруу (жарым жылда 1 жолу) | 0; жарым жылда бир жолу 2,5 | |
| Каржылоонун көлөмү менен тендерлердин жыйынтыктары тууралуу маалымат коомчулук үчүн керегелерде (сайттарда) жарыяланат | июнь | ЖТ 2.11-критерийге шайкештигин текшерет | Керегедеги сүрөт, сайттан басып чыгаруу (жарым жылда 1 жолу) | 0 же жарым жылда бир жолу 2,5 | |
| “Жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгү жөнүндө” КР Мыйзамынын негизги жоболорунун сайтта (керегеде) болушу | июнь | ЖТ керегеде же сайтта жайгаштырылган фактыны текшерет (2.8-критерий) | Керегедеги сүрөт, сайттан басып чыгаруу (жарым жылда 1 жолу) | Жарым жылда 1 жолу нөлдөн бешке чейин | |
| Жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын коюмдары жөнүндө маалыматты жарыялоо | июнь | ЖТ керегеде же сайтта жайгаштырылган фактыны текшерет (2.9-критерий) | Керегедеги сүрөт, сайттан басып чыгаруу | 0 же 5 | |
| Калктан түшкөн каттарды, даттанууларды жана суроо-талаптарды карап чыкчу системанын, анын ичинде электрондук кабылдаманын ишинин эффективдүүлүгү | июнь | ЖТ 1-жарым жылдыкта жарандардын кат жүзүндөгү суроо-талаптары менен иштөө тартибинин болушун жана сакталышын текшерет (3.3-критерий).<br>Жарым жылда калктан түшкөн, бирок убагында жооп берилбей калган суроо-талаптын саны алтыдан ашса, балл берилбейт | Кирген жана чыккан маалымат журналынан көчүрмө (жарым жылда бир жолу) | Жарым жылда бир жолу нөлдөн бешке чейин | |
| Артыкчылыктарды аныктап алуу жана бюджеттик саясаттын өзгөчө маанилүү маселелерин кароо боюнча демилгелүү топтордун болушу жана алардын туруктуу иштеши | июнь | ЖТ биринчи жарым жылдыкта демилгелүү топтордун иштеп-иштебегенин текшерет (3.4-критерий) | Өткөн иш-чарадан протоколдор – жарым жылда 1 жолудан кем эмес | Жарым жылда бир жолу нөлдөн бешке чейин | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Керегеде же сайтта документтерди жана маалыматтарды жайгаштыруу (2.3-критерий) | 2-квартал | ЖТ керегеде документтердин жана маалыматтардын жайгаштырылышын текшерип, кандай документ жайгаштырылганын белгилеп коет | Сүрөт | Документтер көрсөтүлөт | |
| Бюджеттик угуулардын негизги маселелери боюнча “жооп” материалдар түзүлөт жана керегеде (сайтта) жайгашат | июль-август | ЖТ керегеде же сайтта жайгаштырылган фактыны текшерет (2.4-критерий) | Керегеде документтин сүрөтү (үч суроодон кем эмес) же интернет-сайттан басып чыгаруу | 0 же 5 | |
| Бюджет боюнча инфографикасы бар китепче (маалымат барагы) бери дегенде 2 жерде жайгаштырылган | июль | ЖТ бери дегенде 2 жерде китепченин болуп-болбогонун текшерет (2.5-критерий) | Топтун мүчөлөрү кол койгон документтин болгону тууралуу акт (бери дегенде 2 акт) | 0 же 5 | |
| Кийинки жылга бюджеттин алдын ала долбоору | сентябрь | ЖТ документтин толук жана ачык болгонун текшерет (1.1-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Бюджеттик угуулардын жүрүшүндө коомчулуктан түшкөн сунуштар жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгууда көңүлгө алынат | сентябрь | ЖТ бюджет долбоорунда коомчулуктун сунуштары эсепке алынган фактыны текшерет (3.5-критерий) | Коомдук угуулардын жүрүшүндө түшкөн сунуштар жана чечимдер тууралуу ЖӨБОнун отчетунун көчүрмөсү | 15 | |
| Керегеде же сайтта документтерди жана маалыматтарды жайгаштыруу (2.3-критерий) | 3-квартал | ЖТ керегеде документтердин жана маалыматтардын жайгаштырылышын текшерип, кандай документ жайгаштырылганын белгилеп коет | Сүрөт | Документтер көрсөтүлөт | |
| Өнүгүү үчүн ресурстар боюнча маалымат (мындай ресурстар болбогон учурда критерий аткарылды деп эсептелинет жана 5 балл берилет) | ноябрь | ЖТ документтин толук жана ачык болгонун текшерет (1.10-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Эсептөө палатасынын аудитордук актысы (соңку текшерилген жыл үчүн) | декабрь | ЖТ документтин толук жана ачык болгонун текшерет (1.7-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (башка документ) жана анын аткаруунун жүрүшү тууралуу коомдук отчет | декабрь | ЖТ документтин толук жана ачык болгонун текшерет (1.9-критерий), коомдук отчеттун болуп-болбогонун текшерет (2.7-критерий) | Документтин толук көчүрмөсү. Жылына бери дегенде 1 жолу калк алдындагы баяндама боюнча отчет менен толукталган сүрөт | 1.9-критерий: Нөлдөн бешке чейин; 2.7-критерий: 0 же 5 | |
| Бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу маалымат (эгерде бюджет өзгөрбөсө, критерий аткарылды деп эсептелинет жана 5 балл берилет) | декабрь | ЖТ документтин толук жана ачык болгонун текшерет (1.8-критерий) | Документтердин толук көчүрмөсү | Нөлдөн бешке чейин | |
| Тендер өтчү убактысы, жери жана анын квалификациялык талаптары тууралуу жарыя керегеде (сайтта) жарыяланат | декабрь | ЖТ 2.10-критерийге шайкештигин текшерет | Керегедеги сүрөт, сайттан басып чыгаруу (жарым жылда 1 жолу) | Жарым жылда 1 жолу 0 же 2,5 Баары: бешке чейин | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Каржылоонун көлөмү менен тендерлердин жыйынтыктары тууралуу маалымат коомчулук үчүн керегелерде (сайттарда) жарыяланат | декабрь | ЖТ 2.11-критерийге шайкештигин текшерет | Керегедеги сүрөт, сайттан басып чыгаруу (жарым жылда 1 жолу) | Жарым жылда 1 жолу 0 же 2,5<br>Баары: бешке чейин | |
| “Жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгү жөнүндө” КР Мыйзамынын сайтта (керегеде) болушу | декабрь | ЖТ керегеде же сайтта документ болуп-болбогонун текшерет (2.8-критерий) | Керегедеги сүрөт, сайттан басып чыгаруу (жарым жылда 1 жолу) | Жарым жылда 1 жолу нөлдөн бешке чейин<br>Баары: Нөлдөн онго чейин | |
| Калктан түшкөн каттарды, даттанууларды жана суроо-талаптарды карап чыкчу системанын, анын ичинде электрондук кабылдамanын ишинин эффективдүүлүгү | декабрь | ЖТ 2-жарым жылдыкта жарандардын кат жүзүндөгү суроо-талаптары менен иштешүү регламентинин болгонун жана сакталганын текшерет (3.3-критерий)<br>Жарым жылда калктан түшкөн, бирок убагында жооп берилбей калган суроо-талаптын саны алтыдан ашса, балл берилбейт | Кирген жана чыккан маалымат журналынан көчүрмө (жарым жылда бир жолу) | Жарым жылда бир жолу нөлдөн бешке чейин<br>Баары: Нөлдөн онго чейин | |
| Жергиликтүү бийлик менен жарандардын коомдук угуулардан айырмаланган, бирок талкуулоону жана кайра байланышты караштырган өз ара аракеттеринин башка формалары | декабрь | ЖТ иш-чара өткөрүлгөн фактыны текшерет жана балл коет (3.2-критерий) | Иш-чаранын протоколу (көчүрмөсү), а.и., берилген сунуштар жана ал боюнча кабыл алынган чечимдер | 3.2-критерий: Жарым жылда 1 жолу 0 же 2,5<br>Баары: Нөлдөн бешке чейин | |
| Артыкчылыктарды аныктап алуу жана бюджеттик саясаттын өзгөчө маанилүү маселелерин карoo боюнча демилгелүү топтордун болушу жана алардын туруктуу иштеши | декабрь | ЖТ 2-жарым жылдыкта демилгелүү топтордун иштеген фактысын текшерет (3.4-критерий)<br>Протокол бар болсо, 5 балл берилет | Өткөн иш-чарадан протоколдор – жарым жылда 1 жолудан кем эмес | Жарым жылда 1 жолу нөлдөн бешке чейин<br>Баары: Нөлдөн онго чейин | |
| Керегеде/сайтта бюджеттик документтер жана маалыматтар жайгаштырылган | декабрь | ЖТ жыл ичинде керегеде/сайтта жайгаштырылган документтер жөнүндө белгилердин санын эсептейт жана балл коет (2.3-критерий) | Керегеде ар бир документтин сүрөтү, же сайттан басып чыгарылганы | Эгерде жыл ичинде бери дегенде төрт документ боюнча маалымат жайгаштырылса 15 балл, бери дегенде 7 документ боюнча – 30 балл | |

# 5-тиркеме. Эң жогорку баллды кантип алса болот? Кыскача нускама

***Ушул кыска нускаманы ЖӨБ органдары БАМИни колдонууну регламенттештирген жергиликтүү ченемдик актыны иштеп чыгуу үчүн колдоно алышат***

Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси (БАМИ) бюджет айкындуулугун үч багыт боюнча баалайт: жарандардын бюджеттик процесске катышуусу, бюджеттик маалыматтын курамы жана аны берүүнүн формасы, калк үчүн жеткиликтүүлүгү.

Айыл өкмөтүнүн (мэриянын) жарандарды көйгөйлөрдү аныктоо процессине тартуу, бюджеттин кирешелери менен чыгашаларын аныктоо боюнча иши жалпысынан 50 баллга бааланат. Максималдуу 50 баллды алыш үчүн ЖӨБдүн аткаруучу органы – айыл өкмөтү же мэрия төмөнкүлөрдү жасаш керек:

– бюджеттин артыкчылыктарын иштеп чыгуу жана бюджеттин өтө маанилүү маселелерин кароо боюнча демилгелүү топтордун, БӨУнун жана кызыкдар жарандардын ишин шыктандыруу (10 балл);
– жылына эки жолу коомдук угууларды өткөрүү: бюджет долбоору жана бюджеттин аткарылышы боюнча отчет боюнча (10 балл);
– угуулардын жүрүшүндө жарандардын сунуштарын карап чыгуу, бюджет долбоорун иштеп чыгууда аларды көңүлгө алуу жана кабыл алынган чечимдер боюнча жарандарды маалымдоо (15 балл);
– көйгөйлөрдү талкуулоо жана алардын жыйынтыктары боюнча жарандарды маалымдоо үчүн чогулуштарды уюштуруу (5 балл);
– айрым жарандар менен өз ара аракеттенүү үчүн шарттарды түзүү: жарандардын каттарын, даттанууларын жана суроо-талаптарын өз маалында карап чыгуу (10 балл).

Айыл өкмөтүнүн (мэриянын) иш планына бул багыттарды кошуу үчүн иш-чаралардын календары аларды жыл ичинде тең бөлүштүрүүгө жардам берет:

| | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|
| Жарандар менен эффективдүү өз ара аракет үчүн шарт түзүү:<br>• жарандардын кайрылуусун каттоо журналына киргизилишин көзөмөлдөө;<br>• документтер менен иштөө регламентин кабыл алуу жана аны сактоо зарылдыгы тууралуу аппаратка эскертүү;<br>• жарандардын кайрылууларын кабыл алуу үчүн электрондук дарек ачуу;<br>• “Жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгү жөнүндө” КР Мыйзамынын негизги жоболорун сайтка (керегеге) жайгаштыруу. | январь | Жооптуу катчы |
| Бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуу өткөрүү, а.и., угуулар өткөнгө чейин 7 күн мурда бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн даярдоо | февраль | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Угуулар маалында жарандардын сунуштарын карап чыгуу, алардын ар бири боюнча чечим кабыл алуу жана кабыл алынган чечимдер боюнча жарандарга маалымат берүү | март | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Керегеде (сайтта) бюджеттик угуулардын негизги маселелери боюнча “жооп” материалдарды даярдоо | март | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Бюджетке кошуу үчүн артыкчылыктуу маселелерди талкуулоо боюнча угууларды уюштуруу | март | Башчынын орун басары, же башка жооптуу кызматкер |
| Бюджеттин артыкчылыктарын талкуулоо боюнча демилгелүү топтун ишин уюштуруу | апрель | Айыл башчысы же башка жооптуу кызматкер |
| Бюджет долбоору боюнча коомдук угууларды уюштуруу, а.и., угуулар өткөнгө чейин 7 күн мурда бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн даярдоо | июнь | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Угуулар маалында жарандардын сунуштарын карап чыгуу, алардын ар бири боюнча чечим кабыл алуу жана кабыл алынган чечимдер боюнча жарандарга маалымат берүү | июнь-июль | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Керегеде (сайтта) бюджеттик угуулардын негизги маселелери боюнча “жооп” материалдарды даярдоо | июль | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |

| | | |
|---|---|---|
| Жарандар менен өз ара аракет боюнча аппараттын ишин көзөмөлдөө:<br>• жарандардын кайрылууларын каттоо боюнча журналды текшерүү;<br>• документтер менен иштөө регламентин текшерүү;<br>• жарандардын кайрылууларын кабыл алуу үчүн электрондук даректин ишин текшерүү;<br>• “Жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгү жөнүндө” КР Мыйзамынын негизги жоболорунун сайтта (керегеде) жайгаштырылышын текшерүү;<br>• калктын даттануулары менен иштерди карап чыгуу. | август | Жооптуу катчы |
| Ушул жылга бюджеттин аткарылышынын абалын талкуулоо боюнча чогулуш уюштуруу | сентябрь | Башчынын орун басары, же башка жооптуу кызматкер |
| Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын ишке ашыруунун жыйынтыктарын талкуулоо (жана ага түзөтүүлөрдү киргизүү) боюнча демилгелүү топтун ишин уюштуруу | октябрь | Айыл башчысы же башка жооптуу кызматкер |

Айыл өкмөтүнүн (мэриянын) бюджеттик маалыматтын толуктугун жана ачыктыгын камсыздоо боюнча иши анын калк үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо боюнча иш менен өз ара тыгыз байланышта. Анткени түшүнүктүү бюджеттик маалымат жарандар үчүн жеткиликтүү болууга тийиш. Башкача айтканда, кабыл алынган бюджет столдо сакталбаш керек, аны сайтка жарыялаш керек (же маалымат керегесине илүү зарыл). Бюджеттик маалыматтын жеткиликтүүлүгү үчүн баллдар коэффициентке кошулат (көбөйткүч нөлдөн бирге чейин). Ал болсо бюджеттик маалыматтын курамы жана аны берүүнүн көрсөтмөлүү формасы үчүн алынган баллдын суммасына көбөйтүлөт (50 балл).

Бааланган бюджеттик документтердин жана маалыматтын курамына төмөнкүлөр кирет:

– бюджеттин алгачкы долбоору (5 балл);
– бюджеттин такталган долбоору (5 балл);
– кабыл алынган бюджет (5 балл);
– бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү – коомдук угууларда колдонуу үчүн түзүлгөн документ (5 балл);
– мамлекеттик сатып алуулар боюнча маалымат (5 балл);
– бюджеттин аткарылышы боюнча жылдык отчет (5 балл);
– Эсеп палатасынын аудитордук актысы (5 балл);
– бюджеттеги өзгөрүүлөр (5 балл);
– социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (5 балл);
– өнүгүү үчүн ресурстар (5 балл).

Алардын бир бөлүгү, эрежеге ылайык, колдо болот жана атайын иштеп чыгууну (түзүп чыгууну) талап кылбайт. Алар: бюджеттин долбоорлору, кабыл алынган бюджет, бюджет боюнча отчет, Эсеп палатасынын аудитордук актысы жана социалдык-экономикалык өнүгүү программасы. Башкаларын түзүү кошумча убакытты жана адистердин аракетин талап кылат (мисалы, бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү, өнүгүү үчүн ресурстар, бюджеттеги өзгөртүүлөр жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча маалымат).

Ошону менен бирге ар бир документ (маалымат) боюнча жарандардын бюджеттик маалыматты кабыл алуусун “жеңилдеткен” сүрөттөр, графикалар, схемалар жана диаграммалар (шарттуу түрдө инфографика деп атап койгонбуз) болгон учурда жогорку баа (3 балл) берилет.

Мындан улам айыл өкмөтүнүн (мэриянын) кызматкерлери документтин негизги параметрлери боюнча бюджеттик документтин курамында инфографиканы (сүрөттөрдү) кошууга кызыкдар. Мисалы, маалымат керегесине бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн жайгаштырып жатып, аны эки диаграмма (бири – кирешелердин булактары боюнча; экинчиси – бюджеттин чыгашаларынын багыттары боюнча) менен толукташ керек. Бул болсо жарандарга документти окубастан эле кайсы акчадан бюджеттин кирешелери түзүлгөнүн жана чыгашалар эмнелерге сарпталып жатканын көрүүгө жардам берет.

Ар бир документ үчүн кошумча 2 балл “табууга” жардам берген кийинки аракет (критерийлердин ар бири үчүн 1 баллдан) – документте кошумча маалыматтын, материалдын же форманын болуп-болбогонун текшерүү. Мисалы, бюджет долбооруна өткөн жыл жана бул жыл үчүн күтүлгөн бюджет боюнча маалымат кошулуп-кошулбаганын (1 балл), ага экономикалык көрсөткүчтөрдүн жана түшүндүрмө каттын тиркелип-тиркелбегенин (1 балл) текшерүү керек.

Натыйжада 10 көрсөткүчтүн ар бири боюнча нөлдөн 5 баллга чейин берүүгө мүмкүн. Документ же маалымат жүйөлүү себептерден улам болбогон учурда (мисалы, эгерде ААда же шаарда өнүгүү үчүн ресурстар болбосо, же жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөр киргизилбесе), айыл өкмөтү бул тууралуу “баа берүүчүлөрдү” кабардар кылат. Критерий аткарылды деп эсептелет жана ал үчүн 5 балл берилет. Бардык критерийлерге шайкештик болгон учурда максималдуу мааниси 50 баллга барабар болот.

Бюджеттик маалымат боюнча жогорку баа алуу үчүн ЖӨБ башчысы өнүгүү үчүн ресурстар боюнча маалыматты түзүү жана жарыялоо, бюджеттеги жана мамлекеттик сатып алуулардагы өзгөрүүлөр үчүн жооптууну, ошондой эле инфографиканы иштеп чыгуу үчүн жооптууну дайындайт.

| | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|
| Мамлекеттик сатып алуулар, а.и., инфографиканы түзүү боюнча маалымат | январь | Чыгашалар боюнча адис |
| Бюджеттик маалымат боюнча инфографиканы түзүү | жыл ичинде | Чыгашалар боюнча адис |
| Өнүгүү үчүн ресурстар боюнча маалымат | октябрь | Финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы |
| Бюджеттеги өзгөрүүлөр боюнча маалымат | август, декабрь | Финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы |

Бюджеттик маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыздоонун алкагында иш-чаралардын жана жол-жоболордун маанисин эсепке алуу менен, анын баасы 100гө бөлүнгөн 11 критерий боюнча баллдардын суммасы катары аныкталат. Айыл өкмөтү (мэрия) төм. кызыкдар:

- маалымат керегесине (10 балл) жана расмий интернет сайтка (10 балл) ээ болууга. Булардын жардамы менен бюджеттин айкындуулугу камсыздалат;
- маалымат керегесинде (сайтта) жогоруда аталган бюджеттик документтерди (маалыматты) жайгаштырууга (30 балл);
- коомдук угууларга 7 күн калганда Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн басып чыгарууга жана жарыялоого (10 балл);
- бюджеттик угуулардын негизги маселелери боюнча “жооп” материалдарды маалымат керегелерине (сайтка) жайгаштырууга (5 балл);
- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жеткиликтүүлүк жөнүндө” КР Мыйзамынын негизги жоболорун сайтка (керегеге) жайгаштырууга (5 балл);
- жергиликтүү салыктардын коюмдары жана жыйымдар тууралуу маалыматты маалымат керегелерине (сайтка) жайгаштырууга (10 балл);
- маалымат керегелерине (сайтка) тендер өтчү күн, жери жана квалификациялык талаптары тууралуу жарыяны жайгаштырууга (5 балл);
- мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыктарын каржылоо көлөмү жана жеткирүүчүлөр менен кошо маалымат керегелерине (сайтка) жайгаштырууга (5 балл);
- бюджет боюнча инфографикасы менен китепчени (маалыматтык кагазды) даярдап, бери дегенде эки жерге, анын ичинде айыл өкмөтүнүн (мэриянын) имаратында, китепканада, маалымат керегелеринде ж.б. жайгаштырууга (5 балл);
- социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы тууралуу коомдук отчетту даярдоого (5 балл).

| | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|
| Бюджеттик маалыматты жарыялоо үчүн шарт түзүү:<br>– маалымат керегесин жана анын абалын көзөмөлдөө;<br>– сайт ачуу. | январь | Башчынын орун басары же башка жооптуу кызматкер |
| Бюджеттик документтердин (маалыматтын) керегеде (сайтта) жайгаштырылышын көзөмөлдөө | квартал сайын | ЖӨБ башчысы |
| Жергиликтүү салыктардын коюмдары жана жыйымдар тууралуу маалыматтын керегеде (сайтта) жайгаштырылышын көзөмөлдөө | июнь | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |

| | | |
|---|---|---|
| Тендер өтчү күн, жери жана квалификациялык талаптары тууралуу жарыянын маалымат керегелерине (сайтка) жайгаштырылышын көзөмөлдөө | квартал сайын | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыктарын каржылоо көлөмү жана жеткирүүчүлөр менен кошо керегелерге (сайтка) жайгаштырылышын көзөмөлдөө | квартал сайын | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Бюджет боюнча инфографикасы менен китепчени (маалыматтык кагазды) даярдап, бери дегенде эки жерге, анын ичинде айыл өкмөтүнүн (мэриянын) имаратында, китепканада, маалымат керегелеринде ж.б. жайгаштырылышын көзөмөлдөө | март | Финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси |
| Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы тууралуу коомдук отчетту даярдоо | декабрь | ЖӨБ башчысы |

Бардык талаптарды аткаруу менен максималдуу мүмкүн болгон бааны – 100 баллды алууга болот.

## 6-тиркеме. Бюджеттик процесстин айкындуулугу, отчеттуулугу жана коомдун катышуусу тууралуу Дар-Эс-Салам Декларациясы[1]

### Биз кимбиз?

Биз – жарандардын катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган ачык мамлекеттик бюджет жана жарандарга аларга катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган бюджеттик процесстер адамдын бардык укуктарын – жарандык, саясий, социалдык, экономикалык, маданий жана жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон бардык укуктарын толук ишке ашыруу үчүн өзгөчө маанилүү деген жалпы ишеним менен бириккен, дүйнөнүн булуң-бурчунда жашаган жарандарбыз жана жарандык коомдун уюмдарыбыз.

Акыркы он беш жылда биз мамлекеттик бюджеттердин айкындуулугун жогорулатуу жана коомчулукту бардык деңгээлдеги бюджеттик процесстерге тартууну камсыздоо үчүн окудук, иштедик жана бул үчүн күрөштүк. Биз жарандык коомдун катышуусу бюджеттик процесстин, кабыл алынган чечимдердин жана жетишилген натыйжалардын сапатын бир кыйла жакшыртарын, бул болсо адамдардын жашоосун бир топ жакшы жагына өзгөртөрүн далилдедик.

### Биздин глобалдык кыймылдын баалуулуктары

Мамлекеттик бюджеттер жарандардын төлөмдөрүнүн, ошондой эле мамлекеттик активдерден түшкөн кирешенин эсебинен түзүлөт. Ушундан улам биздин кыймылдын негизги прицибине ылайык, мамлекеттик бюджет чөйрөсүндө чечим кабыл алуу процессине катышуу бардык жарандардын фундаменталдык укугу жана милдети деп эсептелет.

Биз ар бир аракетибизде теңдик жана инклюзивдүүлүк принциптерин колдонмого алуу менен социалдык теңдикке жетүүгө, ошондой эле калктын өзгөчө аярлуу тобунун укуктарын жана ыйгарым укуктарын кеңейтүүгө аракеттенип келебиз.

Биз өз ара урмат-сый жана теңдик прициптерин бекем карманып, касталык, расалык, диний, этностук тиешелүүлүгүнүн негизинде, ошондой эле жынысына жана сексуалдык багытына жана башкасына карап бөлбөйбүз.

Биз буга чейин топтогон жамааттык тажрыйбабыз тууралуу ачык айтып, көп түрдүү жана ийкемдүү болгонубузга сыймыктанабыз. Биз көрсөткөн жана колдогон демилгелер биздин тажрыйбабызга негизделген жана ар бир конкреттүү кырдаалдын өзгөчөлүктөрүн эсепке алат.

Биз кыймылдын бардык мүчөлөрү арасында түз кызматташтыкты баалайбыз жана өнүктүрөбүз.

Биз өз кыймылыбызда акыйкаттыктын жогорку стандарттарын кармануга сөз беребиз жана саясий партиялардан, өкмөттөн, эл аралык уюмдардан, ММКдан жана бизнестен көз карандысыз болгонубузду жарыялайбыз.

Биз дүйнө жүзүндө бюджеттик процесстерде айкындуулукту, отчеттуулукту жана коомдун катышуусун илгерилетүүгө убакыт жеткенине терең ишенебиз. Бул максатта биз бирдиктүү көз караштын, жалпы принциптердин, так талаптардын жана биргелешип аракеттенүү программаларынын айланасында биригип жатабыз.

[1] http://www.makebudgetspublic.org/the-dar-es-salaam-declaration-on-budget-transparency-accountability-and-participation

## Биз көргөбүз келген дүйнө

Адатта жарандар жана өзгөчө калктын эң аярлуу катмарынын өкүлдөрү мамлекеттик бюджет чөйрөсүндө чечим кабыл алуу процессине кошулбай калат. Биздин баамыбызда, мындай көрүнүштү өзгөртүү зарыл жана мүмкүн. Бул үчүн төмөнкү негизги принциптерге таянуу керек:

Мамлекеттик бюджеттер ачык-айкын болуш керек. Бул демек мамлекеттик каражаттар кантип түзүлөөрү, бөлүштүрүлөөрү, чыгымдалаары жана эсептелээри тууралуу болгон маалымат өз убагында кеңири коомчулукка толук деңгээлде жеткиликтүү түрдө жетип туруш керек.

Бюджеттик процесстер инклюзивдүү болушу керек, башкача айтканда бардык жарандарга мамлекеттик финансы тууралуу маалымат алуу укугун, ошондой эле мамлекеттик каражатты түзүүгө, бөлүштүрүүгө жана башкарууга байланышкан бардык чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу жана ошол чечимдерге таасир этүү укуктарын ишке ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү бериш керек.

Бюджеттер жакырчылык менен күрөшкө жана социалдык теңдикке жетүүгө мүмкүн болушунча көбүрөөк көмөктөшүп, эффективдүү, натыйжалуу жана акыйкат түзүлүш керек жана чыгымдалыш керек.

Бюджеттик маалымат так болушу шарт жана белгилүү коомдук баалоолорго негизделиши керек. Ал мамлекеттик каражаттар кандай артыкчылыктуу багыттарга бөлүнсө, ошолорго чыгымдалганын тастыкташ керек. Муну менен каражатты кымырып алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү азайтып, коррупция жана эффективдүү эмес башкарууга жол берилбейт.

Бюджеттер толук болуш керек – анда эл аралык жардамдарды, жарым-жартылай мамлекеттик фонддорду, ошондой эле тышкы жана ички карыздарды башкарууну кошкондо, кайдан чыкканына карабастан мамлекеттин бардык кирешеси менен чыгашасын камтыш керек.

Бюджеттер туруктуу болушу керек: алар мамлекеттик каражатты узак мөөнөттүү келечекте жалпы максаттарга жетүү үчүн – азыркы жана болочок муундар үчүн колдонулушун камсыздаш керек.

Өкмөттүн бардык деңгээлдери бюджеттердин аткарылышы тууралуу отчетторду өз убагында жана ырааты менен берип туруш керек.

Бюджеттерге дайыма мониторинг, көзөмөл жүргүзүлүп, алар мыйзам чыгаруучу бийлик, ички жана тышкы аудит органдары, ММК жана жарандар алдында жооптуу болушу керек.

## Биз чакырабыз:

*Бардык өкмөттөрдү – улуттук жана регионалдык:*

- жалпысынан маалыматка жеткиликтүүлүк жана анын ичинде бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүккө укукту таануу; мыйзамдын негизинде муну бекитүү, ишке киргизүү жана ишке ашырылышын камсыздоо;
- жарандарды жана башка кызыкдар тараптарды, бюджеттин артыкчылыктарын анын ичинде жарым-жартылай мамлекеттик фонддор жана салыктык эмес төлөмдөрдүн эсебинен түзүлгөн фонддор үчүн мүмкүн болушунча эрте баскычтарында жана мүмкүн болушунча көбүрөөк коомчулукту тартуу менен аныктоого;
- бери дегенде сегиз өзөктүк бюджеттик документти – бюджетке чейинки арыздарды, аткаруучу бийлик тарабынан сунушталган бюджеттин долбоорун, бекитилген бюджетти, жарандык бюджетти, бюджеттин аткарылышы тууралуу учурдагы отчетторду, жарым жылдагы отчетту, жылдык отчетту, андан тышкары аудитордук отчетту – өз убагында жарыялоого жана коом алдында талкуулоого;
- мамлекеттик финансы каражаттардын бардык агымдары жана мамлекеттик финансы институттардын, анын ичинде формалдуу түрдө бюджеттик процесстин тышында деп эсептелгендер тууралуу ар тараптуу отчет берүүгө;
- бюджеттик документацияга жана бюджеттик процесстерге мамлекеттик салык жана экономикалык саясатты ишке ашыруу үчүн колдонулган бардык ресурстарды (алар кайдан чыкканына карабастан) киргизүүгө;
- бийликтин мыйзам чыгаруу бутагынын жана финансылык көзөмөл органдарынын өкмөттөн көз карандысыздыгын камсыздоого жана аларга өз дараметин жогорулатуу үчүн жетиштүү ресурс берүүгө, муну менен алардын көзөмөлдөө функциясын эффективдүү аткаруусун камсыздоого.
- бюджеттик маалыматты бардык мүмкүн болгон ыкмалар менен жеңил жана жеткиликтүү форматта жарыялоого жана таратууга, анын ичинде маалыматтардын санарип түрүндө ачык болушун камсыздоого, интернет, коомдук китепканалар, маалыматтык борборлор ж.б. аркылуу таратууга.

*Бийликтин мыйзам чыгаруу бутагын:*

- өзүнүн конституциялык милдеттерин аткаруу үчүн өз дараметин жогорулатууга – бул адегенде өзүнүн, же өкмөттүн эмес, калктын кызыкчылыктарын көздөө дегенди билдирет;
- бюджеттик чечимдерди кабыл алууда жана бюджетти коомдук угуулар жана кайрылуулар

аркылуу ишке ашыруу процессинде бардык жарандардын кеңири катышуусун камсыздоо үчүн мүмкүн болгон чараларды көрүүгө;
- алынган кирешелер жана алардын жөндүү, же жөндүү эмес колдонулуп жатышы тууралуу өкмөттөн отчетту талап кылууга.

*Финансылык көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик органдарга:*
- мамлекеттик ресурстарды колдонуу маселесинде өкмөттүн отчеттуулугун камсыздоо менен өзүнүн көзөмөл функциясын ишке ашыруу үчүн дараметин жогорулатууга;
- социалдык аудитти ишке ашырууда жарандык коомдун уюмдары менен тыгыз кызматташууга;
- мамлекеттик чыгашаларды, анын ичинде жарым-жартылай мамлекеттик фонддордун жана салыктык эмес чегерүүлөрдүн эсебинен түзүлгөн фонддордун ишмердигине тиешелүү чыгашаларды жүзөгө ашыруу принциптерин иштеп чыгууда мамлекеттик каражаттардын туура эмес колдонулушун аныктоо, ашкерелөө жана болтурбоо максатында жарандык коом жана бийликтин мыйзам чыгаруу бутагы менен тыгыз кызматташууга;
- өкмөттүн ишине толугу менен көз карандысыз аудит жүргүзүүгө жана бекитилген мамлекеттик бюджетке ылайык мамлекеттик каражаттардын түзүлүшү жана колдонулушу тууралуу өкмөттөн отчет талап кылууга;
- бюджеттен тышкаркы фонддорду кошкондо, бардык мамлекеттик фонддор отчеттуулукту камсыздоо боюнча өз функцияларын толук аткарышы үчүн аларды текшерип турууга.

*ММКга:*
- мамлекеттик бюджет тууралуу маалыматтын жайылуусун камсыздоо менен коомдун кызыкчылыгы үчүн иш алып барууга жана жарандардын бул маалыматты түшүнүүсүнө көмөктөшүүгө;
- мамлекеттик каражаттын колдонулушуна мониторинг жүргүзүп турууга жана каражаттын максатсыз пайдаланылганы тууралуу бардык маалыматтарды жарыялоого;
- жарандык коом менен жарандардын бюджеттик процесске катышуусу мамлекеттик финансыны башкарууда эффективдүүлүктү жогорулатууга көмөктөшкөнүн мисалдар менен көрсөтүүгө;
- жарандык коом уюмдары жана жарандар менен кызматташууга, аларга бюджеттик мониторингдин жыйынтыктарын таратуу жана талкуулоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө.

*Эл аралык мамлекеттик мекемелерге жана донорлорго:*
- жарандардын жана башка кызыкдар тараптардын бюджеттик процесске кеңири жана компетенттүү катышуусун колдоого;
- өкмөттөрдөн өз жарандары алдында отчет беришин талап кылууга;
- өкмөттөр менен кызматташууга жана аларга мамлекеттик бюджет тууралуу маалыматты өз убагында жарыялоо жана чыгаруу ишинде колдоо көрсөтүүгө, коомдун катышуусу менен процесстерди өнүктүрүүгө жана отчеттуулуктун жогорку стандарттарын кармануусун камсыздоого;
- бийликтин мыйзам чыгаруу бутагы жана финансылык көзөмөл органдары менен кызматташууга, алардын көзөмөл функциясын мындан да эффективдүү аткаруусу үчүн, андан тышкары өкмөттөрдүн отчеттуулугун камсыздоо үчүн бюджеттик маалыматты өз убагында жарыялоо максатында колдоо көрсөтүүгө;
- өкмөттөргө бюджеттик система жана өкмөттүн процесстери менен айкалышкан форматта аларга берилген чет элдик донордук жардам тууралуу өз убагында, так, ар тараптуу маалымат берүүгө;
- өзүнүн айкындуулугун жана отчеттуулугун, ошондой эле өз өлкөлөрүндөгү өкмөттөрдүн айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо үчүн өз практикаларын өркүндөтүүгө.

*Жарандарга жана жарандык коомдун өкүлдөрүнө:*
- социалдык адилеттүүлүктү жана адам укуктарын ишке ашырууну камсыздоо боюнча өз ишмердүүлүгүндө бюджеттик анализ, мониторинг жана адвокация аспаптарын колдонууга;
- бийликтин аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бутактарынан мамлекеттик бюджет тууралуу маалыматты талап кылууга жана бюджеттик маселелерде өзүнүн сабатын жогорулатууга;
- бюджеттик процесске катышууга болгон укугун таанууга жана коргоого;
- маалыматка жеткиликтүүлүк тууралуу мыйзамдарды кайсы жерде гана болбосун ошол жакта колдонууга жана мындай мызамдар болбогон учурда аларды кабыл алууну талап кылууга;
- биздин кыймылга кошулууга чакырабыз.

Биз бардык өкмөттөрдү жана бардык кызыкдар тараптарды дүйнө жүзүндөгү адамдардын укуктарын толук ишке ашыруу үчүн коомчулуктун тартылуусун камсыздаган ачык, айкын бюджеттик практикаларды илгерилетүү үчүн глобалдык нормаларды жана стандарттарды орнотуунун жана институционалдаштыруунун үстүнөн чогуу иштөөгө чакырабыз.

# 7-тиркеме. БМжБ топторун жана демилгелүү топторду түзүү процесси жана ишинин форматы

**Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун түзүү жана анын иш форматы "Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу" окуу материалдар топтомунун "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине жергиликтүү жамааттын пландуу мониторинг жүргүзүп, үзгүлтүксүз баа берип туруусу" аттуу төртүнчү бөлүгүндө кеңири сүрөттөлгөн.**

**Демилгелүү топтордун иш форматы жергиликтүү жамааттын Типтүү уставында жана "Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу" окуу материалдар топтомунун "Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо" аттуу экинчи бөлүгүндө салыштырмалуу кеңири сүрөттөлгөн.**

Айыл өкмөтү айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамаат менен биргеликте айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоодо, айылдын муктаждыктарын биргелешип үйрөнүү процессинде, ыктыярдуу негизде ар кайсы багыттар боюнча демилгелүү топторду түзөт.

Демилгелүү топтордун курамына төмөнкүлөр кирет: айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлери; айылдык кеңештин депутаттары; жергиликтүү жамааттын жигердүү мүчөлөрү; мамлекеттик уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук бирикмелердин ж.б. өкүлдөрү.

Демилгелүү топтордун курамы төмөнкүлөрдү эске алуу менен аныкталат: гендердик теңдемди сактоо; айылдык аймактын ар бир айылынын өкүлчүлүгүнүн болуусун; демилгелүү топ тарабынан тандалган артыкчылыктуу маселени чечүүдө тажрыйбанын болуусу; айылдын артыкчылыктуу маселелерин чечүү үчүн кайтарымсыз негизде иштөөгө каалоонун болуусу; демилгелүү топтордун иштерине ийгиликтүү катышуу үчүн каалоосун жана шыктуулугун билдиргендиги.

Демилгелүү топтун отуруму ачык чогулуш формасында өтөт.

Демилгелүү топтун мүчөлөрү өз катарынан ачык добуш берүү менен, алардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн добуштары менен демилгелүү топтун жетекчисин шайлашат. Демилгелүү топтун жетекчисин шайлоо тууралуу чечим протокол менен жол-жоболонот, ага демилгелүү топтун мүчөлөрү кол коёт. Демилгелүү топтун чечимдери аларга тиешелүү бардык маселелер боюнча мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добуштары менен кабыл алынат.

Демилгелүү топтун жетекчиси төмөнкүлөргө укуктуу:

- мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарда демилгелүү топтун кызыкчылыктарын жактоого;
- демилгелүү топтун жумушун координациялоого;
- демилгелүү топтун чогулушун өткөрүүгө;
- демилгелүү топтун атынан документтерге кол коюуга ж.б.

Демилгелүү топтун мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- айылдык аймактын өнүгүү пландарын, анын ичинде биргелешкен аракеттер пландарын, социалдык-экономикалык өнүгүү пландарын, стратегиялык өнүктүрүү пландарын ж.б. иштеп чыгууга катышууга;
- окууларга, чогулуштарга, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана айылдык аймактын чегинде иштеп жаткан башка уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин айылдын артыкчылыктуу маселелерине тиешеси бар маселелери боюнча отурумдарына катышууга;
- тандалып алынган көйгөйлөрдү чечүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгууга жана аларды ишке ашырууга;
- жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын демилгелүү топ тандап алган көйгөйлөрдү чечүү боюнча демилгелүү топтун жумуштарынын жүрүшү тууралуу маалымдоого;
- жергиликтүү жамаатка жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тандалып алынган көйгөйлөрдү чечүү үчүн иштелип чыккан долбоорлордун презентациясын өткөрүүгө жана коргоого;
- биргелешкен аракеттер планын/долбоорлорду ишке ашыруу боюнча мониторинг жүргүзүүгө;
- айылдык чогулуштарда, коомдук угууларда, курултайларда жергиликтүү жамааттын алдында иштердин жыйынтыктары боюнча отчет берүүгө;
- зарыл болгондо мыйзамдарда жана жергиликтүү жамааттын Уставында белгиленген тартипте айылдык кеңешке киргизүү үчүн ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун демилгелөөгө.

## 8-тиркеме. Бюджеттик терминдердин сөздүгү

**Атайын каражаттар –** бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кызмат көрсөтүүлөрү, аткарылган жумуштар же ишмердиктин башка түрлөрүн жүзөгө ашырган үчүн калктан жана ишканалардан алган жыйымдары.

**Аудит –** ЖӨБ органынын ишине, биринчи кезекте жергиликтүү бюджетке тышкы текшерүү жана баалоо жүргүзүүнүн жол-жобосу.

**Башкаруу органдарынын функциялары –** бул мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин негизги багыттары; мыйзамда же милдеттенмелер тууралуу келишимде белгиленгени боюнча жүзөгө ашырылган белгилүү бир иштер, ошол иштердин чөйрөсү. Мисалы, социалдык жактан коргоо, турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр ж.б.

**Бекитилген бюджет** – жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген, мыйзамдык күчкө ээ жана милдеттүү түрдө аткарылыш керек болгон бюджет. Бекитилген жергиликтүү бюджет бириктирилген бюджетке кошулуш үчүн республикалык бюджет бекитилгенден кийин эки айдан кеч эмес мөөнөттө Финансы министрлигине жиберилет. **Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар –** аткарылышы үчүн жоопкерчилик мамлекетке жүктөлгөн, тийиштүү аймакта жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген айрым мамлекеттик функциялар; *Жергиликтүү маанидеги маселелер* дегенди караңыз.

**Бириктирилген бюджет** – республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жыйындысы. *Республикалык бюджет; Жергиликтүү бюджет* дегендерди караңыз.

**Бюджет** – келерки мезгилге коомго зарыл болчу чыгашалардын жана ыктымал кирешелердин планы; *Жергиликтүү бюджет, Республикалык бюджет, Бириктирилген бюджет* дегендерди караңыз.

**Бюджет боюнча коомдук угуулар –** бюджет долбоорун жана/же ал боюнча отчетту талкуулоо боюнча жарандар менен башкаруу органдарынын өз ара аракетинин формасы. Мыйзамга ылайык, милдеттүү тартипте өткөрүлүш керек.

**Бюджет таңсыктыгы** – белгилүү бир мезгилде бюджеттин чыгашалары анын кирешелеринен ашып кеткен сумма.

**Бюджеттик жыл** – мамлекет же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирешелерди жана чыгашаларды пландаган мезгил.

**Бюджеттик классификация** – тандалып алынган критерийлерге жараша бюджеттин кирешелерин жана чыгашаларын топтоштуруу. Бюджеттерди пландоодо жана алардын аткарылышы боюнча отчет түзгөндө колдонулат. *Экономикалык классификация, Функционалдык классификация* дегенди караңыз.

**Бюджеттик мекеме** – башкаруучулук, социалдык-маданий, илимий-техникалык же башка коммерциялык эмес мүнөздөгү функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн бийлик органы тарабынан түзүлгөн, иши бюджеттен каржыланган уюм.

**Бюджеттик мекеменин сметасы –** бул акча каражаттарынын пайда болгон булактарын жана чыгымдоо багыттарын алардын максаттуу багыттарына ылайык аныктаган финансылык документ (кварталдар боюнча алып караганда).

**Бюджеттик процесс** – бул бюджет долбоорлорун түзүү жана кароо, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди бекитүү жана аткаруу, ошондой эле алардын аткарылышын контролдоо боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын, башка катышуучулардын укук ченемдери менен жөнгө салынган ишмердиги.

**Бюджеттик чыгашалар** – бул коомдун керектөөлөрүн канааттандырууга байланышкан материалдык байгерликти же кызмат көрсөтүүлөрдү алууга кеткен бюджеттин чыгымдары.

**Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү –** бюджет боюнча коомдук угуулардын жүрүшүндө колдонуу үчүн түзүлгөн документ. Бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын негизги көрсөткүчтөрүн калк үчүн жеткиликтүү формада сүрөттөйт.

**Бюджеттин профицити –** белгилүү мезгилде бюджеттин кирешелери чыгашалардан ашкан сумма.

**Гранттар –** белгилүү бир тапшырманы аткаруу же актуалдуу маселелерди чечүү үчүн берилген кайтарымсыз трансферттер; *Теңдештирүүчү гранттар, Дем берүүчү гранттар* дегендерди караңыз.

**Дем берүүчү гранттар –** бул республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке капиталдык чыгашаларды жүзөгө ашыруусу үчүн берилген каражаттар; кошо каржылоо шарты менен берилет.

**Жалпы мамлекеттик салыктар –** өлкөнүн бүткүл аймагынан чогулган салыктар; республикалык, жергиликтүү бюджеттерге түшүп турат же Жогорку Кеңештин чечими боюнча республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлүп берет. Алар боюнча коюмдар, жеңилдиктер өлкө боюнча бирдей; *Жөнгө салынчу кирешелер, Жергиликтүү салыктар* дегендерди караңыз.

**Жергиликтүү бюджет** – айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, алардын түзүлүшүн, бекитилишин жана аткарылышын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат. *Республикалык бюджет; Бириктирилген бюджет* дегендерди караңыз.

**Жергиликтүү бюджет боюнча отчет –** жыл жыйынтыгы боюнча түзүлгөн документ. Жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет жана отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-мартынан кеч эмес мөөнөттө Финансы министрлигине берилет.

**Жергиликтүү бюджеттеги өзгөрүүлөр –** мэриянын (айыл өкмөтүнүн) сунуштамасы боюнча жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет. Республикалык бюджеттен түшкөн жергиликтүү бюджеттердеги кирешелер боюнча өзгөртүүлөр жана тактоолор Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашылып, негизделиш керек.

**Жергиликтүү бюджеттин долбоору –** айыл өкмөтү (мэрия) жергиликтүү кеңешке кароо жана бекитүү үчүн жиберген документ. Жергиликтүү бюджеттин долбоору ушул жылдын 30-майынан кийин түзүлөт. Ошол убакытта Финансы министрлиги ЖӨБОго бюджетти түзүү боюнча нускаманы, календардык планды, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн болжолдонгон нормативдерин жана теңдештирүүчү гранттардын болжолдонгон көлөмдөрүн жиберет. Бюджет долбоору республикалык бюджет бекитилгенден кийин такталат.

**Жергиликтүү бюджеттин капиталдык чыгашалары –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын менчигинде болгон мүлктү түзүүгө же көбөйтүүгө багытталган жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларынын бир бөлүгү. Алар башкаруу органдарынын инвестициялык ишин камсыздайт; *Күнүмдүк чыгашалар* дегенди караңыз.

**Жергиликтүү бюджеттин кирешелери –** это денежные средства, поступающие в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в распоряжение органов местного самоуправления. Как правило, это *салыктар, салыктык эмес төлөмдөр жана трансферттер* дегендерди караңыз.

**Жергиликтүү бюджеттин күнүмдүк чыгашалары –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын күнүмдүк ишин камсыздаган, калкка трансферттер, гранттар жана субвенциялар түрүндө колдоо иретинде берилген чыгашалардын бир бөлүгү. *Капиталдык чыгашалар* дегенди караңыз.

**Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын финансылык жактан камсыздоого багытталган акча каражаттары.

**Жергиликтүү маанидеги маселелер –** тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигин камсыздоо маселелери, аларды чечүү үчүн жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн. *Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар* дегенди караңыз.

**Жергиликтүү салыктар –** жергиликтүү бюджеттерге түшкөн салыктар; жергиликтүү кеңештердин чечими менен киргизилет. Салыктардын коюмдары, алар боюнча жеңилдиктер мыйзамдарда белгиленген чектөөлөр, жергиликтүү кеңештер менен белгиленет; *Жалпы мамлекеттик салыктар, Жөнгө салынуучу кирешелер* дегендерди караңыз.

**Жөнгө салынуучу кирешелер –** салыктар же салыктык эмес төлөмдөр, алардан түшкөн каражат республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосунда бөлүштүрүлөт; *Жалпы мамлекеттик салыктар, Жергиликтүү салыктар; Салыктык эмес төлөмдөр* дегендерди караңыз.

**Инвестициялар** – кызмат көрсөтүүгө же товарды өндүрүүгө арналган реалдуу капиталды (жабдуулар, инфраструктура курулмалары, имараттары) сатып алууга кеткен чыгашалар. *Өнүгүү ресурстары, жергиликтүү бюджеттин Капиталдык чыгашалары* дегендерди караңыз.

**Инфографика –** бул маалыматтарды (а.и., бюджеттик) жана билимди берүүнүн көрсөтмөлүү ыкмасы. Ал жарандар үчүн татаал маалыматты кабыл алуусун жеңилдетүү максатын көздөйт. Өзгөчө кеңири

жайылган ыкмалары – графиктерди, схемаларды жана тегерек диаграммаларды түзүү.

**Капиталдык салымдар** – *Инвестиция* дегендей эле.

**Мамлекеттик сатып алуулардын планы –** жылдын башында түзүлгөн жана Финансы министрлигине жиберилген документ.

**Муниципалдык менчик –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү бюджеттин киреше булагы катары кызмат кылуучу жана калктын социалдык-экономикалык керектөөлөрүн канааттандыруучу жергиликтүү жамааттын менчиги.

**Өнүгүү үчүн ресурстар** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын капиталдык чыгашалары; инвестициялык долбоорлордун планын жана аларды каржылоо үчүн тышкы жана ички ресурстардын божомолун камтыйт; *Күнүмдүк чыгашалар, Капиталдык чыгашалар, Инвестициялар* дегендерди караңыз.

**Республикалык бюджет** – республиканын мамлекеттик башкаруу органдарынын белгилүү мезгилге функцияларды жана тапшырмаларды ишке ашыруусу үчүн кирешелердин жана чыгашалардын финансылык планы. *Жергиликтүү бюджет; Бириктирилген бюджет* дегендерди караңыз.

**Салык –** бул милдеттүү, жекече кайтарымсыз төлөм, ал республикалык же жергиликтүү бюджетке уюмдардан жана жеке жактардан алынат. Салыктар мамлекеттин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги киреше булагы болуп эсептелет, алар салыктарды белгилүү бир функцияларды аткаруу үчүн сарпташат. *Башкаруу органдарынын функциялары* дегенди караңыз.

**Салыктык эмес төлөмдөр** – салыктарга тиешеси болбогон, бирок жеке жана юридикалык жактар төлөөгө милдеттүү болгон мыйзамдар менен каралган милдеттүү төлөмдөр. Мамлекеттин бюджетине же жергиликтүү бюджеттерге түшүп турат. Мисалы, таштанды чыгаруу үчүн жыйым, жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу үчүн төлөм ж.б.

**Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы –** бул аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү тапшырмаларын аткаруу максатында ресурстардын бириктирилишин камсыздаган уюштуруучулук-чарбачылык, социалдык-экономикалык жана башка иш-чараларды аткаруучулар менен мөөнөттөрдүн жыйындысы.

**Теңдештирүүчү гранттар** – республиканын аймагында жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын деңгээлин теңдештирүү үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге кайтарымсыз берилген каражаттар.

**Трансферт** – бир бюджеттен экинчисине, же бир өлкөдөн башка өлкөгө бюджеттен берилүүчү кайтарымсыз каражаттар; *Гранттар, Теңдештирүүчү гранттар, Дем берүүчү гранттар* дегендерди караңыз.

**Чыгашалардын функционалдык классификациясы –** башкаруу органдарынын чыгашаларын алар аткарган функционалдык ишке жараша топтоштуруу. Мисалы, коомдук тартип жана коопсуздук, коргонуу, саламаттык сактоо, билим берүү ж.б. *Бюджеттик классификация, Экономикалык классификация* дегендерди караңыз.

**Чыгашалардын экономикалык классификациясы –** чыгашаларды жүзөгө ашырылган операциялардын экономикалык мазмунуна жараша топтоштуруу. Мисалы, айлык акы, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө ж.б. Анын негизинде бюджеттик мекемелердин сметасы пландалат; *Бюджеттик мекемелердин сметасы, Бюджеттик классификация, Экономикалык классификация* дегендерди караңыз.

**Эсеп палатасынын аудитордук актысы –** бул Эсеп палатасы жергиликтүү бюджетке жүргүзгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча түзгөн документи.

# 9-тиркеме. Жергиликтүү бюджеттин 2015-2027-жылдарга чыгаша бөлүгүнүн долбоору[1] (сунушталган форма)

| | Чыгашалардын экон. клас-сиф. коддору | 2013-жылга факт | | 2014-жылга бекитилген план | | 2014-ж. күтүлгөнү | | 2015-жылга долбоор | | 2016-жылга долбоор | | 2017-жылга долбоор | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | бюджеттик каражаттар | атайын каражаттар | бюджеттик каражаттар | атайын каражаттар | бюджеттик каражаттар | атайын каражаттар | бюджеттик каражаттар | атайын каражаттар | бюджеттик каражаттар | атайын каражаттар | бюджеттик каражаттар | атайын каражаттар |
| **ЖАЛПЫ БАГЫТТАГЫ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТАР** | | | | | | | | | | | | | |
| Айлык акы | 211 | | | | | | | | | | | | |
| Соцфондго чегерүүлөр | 212 | | | | | | | | | | | | |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу | 221 | | | | | | | | | | | | |
| Иш сапарларына кеткен чыгашалар | 2211 | | | | | | | | | | | | |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 2212 | | | | | | | | | | | | |
| Ижара акысы | 2213 | | | | | | | | | | | | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 2214 | | | | | | | | | | | | |
| Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга | 2215 | | | | | | | | | | | | |
| Азык-түлүк сатып алууга | 2218 | | | | | | | | | | | | |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга | 222 | | | | | | | | | | | | |
| Мүлктүн күнүмдүк ремонтуна чыгашалар | 2221 | | | | | | | | | | | | |
| Күнүмдүк чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана ма- | 2224 | | | | | | | | | | | | |
| териалдарды сатып алууга | 2225 | | | | | | | | | | | | |
| Көмүр жана отундун башка түрлөрүн сатып алууга | 223 | | | | | | | | | | | | |
| Коргоо кызмат көрсөтүүлөрүнө | 25 | | | | | | | | | | | | |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 26 | | | | | | | | | | | | |
| Субсидиялар | 27 | | | | | | | | | | | | |
| Гранттар | 28 | | | | | | | | | | | | |
| Социалдык жөлөкпулдар жана башка төлөөлөр | | | | | | | | | | | | | |
| Башка чыгашалар | 2824 | | | | | | | | | | | | |
| Резервдик фонд | | | | | | | | | | | | | |
| **КОРГОО** | 211 | | | | | | | | | | | | |
| | 212 | | | | | | | | | | | | |
| Айлык акы | 221 | | | | | | | | | | | | |
| Соцфондго чегерүүлөр | 2211 | | | | | | | | | | | | |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу | 2212 | | | | | | | | | | | | |
| Иш сапарларына кеткен чыгашалар | | | | | | | | | | | | | |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | | | | | | | | | | | | | |

[1] Биринчи мамычада ЖӨБ органдары конкреттүү жергиликтүү бюджеттен (мисалы, АӨ аппараты, маданият ж.б.) берилген жана каржыланган функцияларды көрсөтүшөт. Функциялардын аталыштары Мамлекеттик башкаруу органдарынын функцияларынын классификациясына шайкеш келиш керек. Ошону менен бирге ар бир функциянын ичиндеги чыгашалар ошол чыгымдар болгон экономикалык классификациянын беренелери боюнча топ-топто пландалат.

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ТУРАК ЖАЙ ЖАНА КОММУНАЛДЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР**<br><br>Айлык акы<br>Соцфондго чегерүүлөр<br>Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу<br>Иш сапарларына кеткен чыгашалар<br>Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү<br>Субсидиялар | 211<br>212<br>221<br>2211<br>2212<br>2225 | | | | | | | | | | | | |
| **ЭС АЛУУ, МАДАНИЯТ ЖАНА ДИН**<br><br>Айлык акы<br>Соцфондго чегерүүлөр<br>Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу<br>Иш сапарларына кеткен чыгашалар<br>Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 211<br>212<br>221<br>2211<br>2212 | | | | | | | | | | | | |
| **БИЛИМ БЕРҮҮ**<br><br>Айлык акы<br>Соцфондго чегерүүлөр<br>Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу<br>Иш сапарларына кеткен чыгашалар<br>Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 211<br>212<br>221<br>2211<br>2212 | | | | | | | | | | | | |
| **СОЦИАЛДЫК КОРГОО**<br><br>Айлык акы<br>Соцфондго чегерүүлөр<br>Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу<br>Иш сапарларына кеткен чыгашалар<br>Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 211<br>212<br>221<br>2211<br>2212 | | | | | | | | | | | | |
| **ЧЫГАШАЛАРДЫН БААРЫ:** | | | | | | | | | | | | | |

# 10-тиркеме. 2015-2027-жылдарга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоору (сунушталган формасы)

| | 2013-жылга факт | | 2014-жылга бекитилген план | | 2014-жылга күтүлгөнү | | 2015-жылга долбоор | | 2016-жылга долбоор | | 2017-жылга долбоор | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | миң сом менен | өсүш ыргагы, % | миң сом менен | өсүш ыргагы, % | миң сом менен | өсүш ыргагы, % | миң сом менен | өсүш ыргагы, % | миң сом менен | өсүш ыргагы, % | миң сом менен | өсүш ыргагы, % |
| **Кирешелер – баары:** | | | | | | | | | | | | |
| **Салык кирешелери** | | | | | | | | | | | | |
| **Кирешеге жана пайдага салык** | | | | | | | | | | | | |
| Физикалык жактардан – КР резиденттеринен киреше салыгы | | | | | | | | | | | | |
| **Атайын режимдер боюнча салыктар:** бирдиктүү салык | | | | | | | | | | | | |
| Милдеттүү патенттин негизинде салык | | | | | | | | | | | | |
| Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | | | | | | | | | | | | |
| **Мүлккө салык:** кыймылсыз мүлккө салык | | | | | | | | | | | | |
| кыймылдуу мүлккө салык | | | | | | | | | | | | |
| **Жер салыгы** | | | | | | | | | | | | |
| Короо жай участогу жана бакча-чарба жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы | | | | | | | | | | | | |
| Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | | | | | | | | | | | | |
| Калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | | | | | | | | | | | | |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салыктар** Сатуудан салык | | | | | | | | | | | | |
| **Жер казынасын пайдалангандык үчүн салык** Роялти | | | | | | | | | | | | |
| **Башка салыктар жана жыйымдар** | | | | | | | | | | | | |
| **Алынган расмий трансферттер** | | | | | | | | | | | | |
| Теңдештирүүчү гранттар | | | | | | | | | | | | |
| Өз ара эсептешүүлөр боюнча берилген каражаттар | | | | | | | | | | | | |
| **Салыктык эмес кирешелер** | | | | | | | | | | | | |
| Ижара акысы | | | | | | | | | | | | |
| Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн акы**<br>Калктуу конуштардагы жерлердин ижарасы үчүн акы | | | | | | | | | | | | |
| Жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жер ижарасы үчүн акы | | | | | | | | | | | | |
| Жаратылыш активдерин пайдалануу үчүн башка төлөмдөр | | | | | | | | | | | | |
| Мүлк ижарасы үчүн акы | | | | | | | | | | | | |
| **Жыйымдар жана төлөмдөр**<br>Таштанды чыгаруу үчүн жыйым | | | | | | | | | | | | |
| Мамлекеттик пошлиналар | | | | | | | | | | | | |
| Акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | | | | | | | | | | | | |
| Административдик айып пулдар | | | | | | | | | | | | |
| Гранттарды кошпогондо ыктыярдуу транс-ферттер | | | | | | | | | | | | |
| **Башка салыктык эмес кирешелер**<br>Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | | | | | | | | | | | | |

## 11-тиркеме. 2015-2027-жылдарга жергиликтүү бюджеттин долбооруҢпланы (“Активдер жана милдеттенмелер” бөлүгү), миң сом менен, (сунушталган формасы)

| АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | 2013-ж. факт | 2014-ж. планы/аткарылат деп күтүлгөнү | 2015-жылга долбоор/план | 2016-жылга долбоор/план | 2017-жылга долбоор/план |
|---|---|---|---|---|---|
| **31. ФИНАНСЫЛЫК ЭМЕС АКТИВДЕР** | | | | | |
| **311. НЕГИЗГИ ФОНДДОР** | | | | | |
| **3111. Имараттар жана курулмалар** | | | | | |
| **31112. Турак жай эмес имараттар** | | | | | |
| Турак жай эмес имаратты сатуу | | | | | |
| Турак жай эмес имаратты сатып алуу | | | | | |
| Турак жай эмес имараттардын капиталдык ремонту | | | | | |
| **31113. Курулмалар** | | | | | |
| Курулмаларды сатуу | | | | | |
| Курулмаларды сатып алуу | | | | | |
| Курулмалардын капиталдык ремонту | | | | | |
| **3112. Машиналар жана жабдуулар** | | | | | |
| **31121. Транспорт каражаттары** | | | | | |
| Транспорт каражаттарын сатуу | | | | | |
| Транспорт каражаттарын сатып алуу | | | | | |
| Транспорт каражаттарынын капиталдык ремонту | | | | | |
| **31122. Механизмдер жана өндүрүштүк жабдуулар** | | | | | |
| Механизмдерди жана өндүрүштүк жабдууларды сатуу | | | | | |
| Механизмдерди жана өндүрүштүк жабдууларды сатып алуу | | | | | |
| Механизмдердин жана өндүрүштүк жабдуулардын капиталдык ремонту | | | | | |
| **31123. Эмерек, кеңсе жабдуулары жана шаймандары** | | | | | |
| Эмеректи, кеңсе жабдууларын жана шаймандарын сатуу | | | | | |
| Эмеректи, кеңсе жабдууларын жана шаймандарын сатып алуу | | | | | |
| **3113. Башка негизги фонддор** | | | | | |
| **31131. Өсүмдүктөр менен жаныбарларды кошкондо өстүрүлүүчү активдер** | | | | | |
| Өсүмдүктөр менен жаныбарларды кошкондо өстүрүлүүчү активдерди сатуу | | | | | |
| Өсүмдүктөр менен жаныбарларды кошкондо өстүрүлүүчү активдерди сатып алуу | | | | | |
| **31132. Материалдык эмес активдер** | | | | | |
| Материалдык эмес активдерди сатуу | | | | | |
| Материалдык эмес активдерди сатып алуу | | | | | |
| **312. ЗАПАСТАР** | | | | | |
| **3121. Стратегиялык запастар** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **3122. Башка запастар** | | | | | |
| **313. БААЛУУЛУКТАР** | | | | | |
| **314. ЖЕР ЖАНА БАШКА ӨНДҮРҮШТҮК ЭМЕС АКТИВДЕР** | | | | | |
| **3141. Жер** | | | | | |
| **31411. Айыл чарба жерлери** | | | | | |
| Айыл чарба жерлерин сатуу | | | | | |
| Айыл чарба жерлерин сатып алуу | | | | | |
| **31412. Айыл чарбасына жараксыз жерлер** | | | | | |
| Айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатуу | | | | | |
| Айыл чарбасына жараксыз башка жерлерди сатуу | | | | | |
| Айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатып алуу | | | | | |
| Турак жай имараттарына жана курулмаларга берилген жерди сатып алуу | | | | | |
| Өндүрүштүк максаттар үчүн жер сатып алуу | | | | | |
| Жерди башка максаттар үчүн сатып алуу | | | | | |
| **32. ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | | |
| **321. Ички финансылык активдер** | | | | | |
| **3214. Кредиттер, ссудалар, зайымдар** | | | | | |
| **32141. Мамлекеттик башкаруунун башка деңгээлдерине ссудалар** | | | | | |
| Жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан бюджеттик ссуданы тындыруу | | | | | |
| Жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан бюджеттик ссуданы чыгаруу | | | | | |
| **32142. Ишканаларга, финансы мекемелерине жана калкка берилүүчү ссудалар** | | | | | |
| Ишканалар, финансы мекемелери жана калк тарабынан ссудаларды тындыруусу | | | | | |
| Ишканаларга, финансы мекемелерине жана калкка ссудаларды чыгаруу | | | | | |
| **3217. Башка ички дебитордук карыз** | | | | | |
| **322. Тышкы финансылык активдер** | | | | | |
| **33. МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| **331. Ички милдеттенмелер** | | | | | |
| **3313. Акциялардан тышкары баалуу кагаздар** | | | | | |
| **3314. Ички булактардан пайдаланууга алуу** | | | | | |
| **3317. Башка ички кредитордук карыз** | | | | | |

“Активдер жана милдеттенмелер менен операциялар” бөлүмүнө төм. категориялар кошулат: 31 Финансылык эмес активдер; 32 Финансылык активдер; 33 Милдеттенмелер.
Ошону менен бирге түшүүлөрдүн бардык коддору 1 деген белги менен; төлөп берүүлөр 2 деген белги менен берилген. Финансылык эмес активдердин капиталдык ремонту 3 деген белги менен берилген (коддун алтынчы белгиси). (шестой знак кода).

## 12-тиркеме. 2012-2015-ж.ж. социалдык-экономикалык көрсөткүчтүр (сунушталган форма)

| | Кошумча көрсөткүчтөр | 2012-ж. | | 2013-ж. | | 2014-ж. | | 2015-ж. | | 2016-ж. | | 2017-ж. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | факт | өсүш ыргагы | факт | өсүш ыргагы | күтүлгөнү | өсүш ыргагы | божомол | өсүш ыргагы | божомол | өсүш ыргагы | божомол | өсүш ыргагы |
| Өндүрүштүк продукциянын, а.и., тармактар боюнча көлөмү | субъекттердин саны | Маалымат алууга суроо-талапты мамстатистиканын райондук бөлүмүнө жылына 1 жолу жиберүү; маалыматтар бекер берилет | | | | Суроо-талап же божомол | | | | | | | |
| анын ичинде негизги салык төлөөчүлөр боюнча | субъекттердин саны | | | | | | | | | | | | |
| Базар кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү | жеткирип берүүчүлөрдүн саны | Маалымат алууга суроо-талапты мамстатистиканын райондук бөлүмүнө жылына 1 жолу жиберүү; маалыматтар бекер берилет | | | | Суроо-талап же божомол | | | | | | | |
| анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү боюнча | жеткирип берүүчүлөрдүн саны | | | | | | | | | | | | |
| Чекене товар жүгүртүү | субъекттердин саны | Маалымат алууга суроо-талапты мамстатистиканын райондук бөлүмүнө жылына 1 жолу жиберүү; маалыматтар бекер берилет | | | | Суроо-талап же божомол | | | | | | | |
| Ишкердик субъекттеринин, анын ичинде отчеттук жылы каттоодон өткөндөрдүн жалпы саны | ишмердиктин түрлөрү боюнча субъекттердин саны | Маалымат алууга суроо-талапты мамстатистиканын райондук бөлүмүнө жылына 1 жолудан кем эмес жиберүү; маалыматтар бекер берилет | | | | Суроо-талап же божомол | | | | | | | |
